Тиркеме 4
Бекитилди:
Кыргыз Республикасынын
Финансы министрлигинин
31.12.2019-жылдагы
№150-Б буйругу менен

**Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү эки этаптуу усулдар менен сатып сатып алууга**

# СТАНДАРТТУУ КОНКУРСТУК ДОКУМЕНТТЕР

**Бишкек ш.**

**Стандарттуу конкурстук документтерди колдонуу боюнча Колдонмо**

1. Бул Стандарттуу конкурстук документтердин (СКД) усулдары товаларды, жумуштарды же кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга конкурстарды өткөрүү үчүн багытталган. СКД «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» (мындан ары – мыйзам) Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык эки этаптуу усул менен конкурсту өткөрүүдө сатып алуулар үчүн колдонулат. Иштелип чыккан конкурстук документтер төмөнкү ыкмалар колдонулат:

Электрондук

Кагаз түрүндө

**Эскертүү:**

Эгер сатып алуу предмети товарлар болуп саналса:

Жогору турган уюм өзүнүн ведомстволук уюмдары үчүн бардык ведомстволук мекемелер тарабынан сатып алынуучу товарларга квалификациялык талаптарды жана техникалык спецификацияларды даярдоого жана бекитүүгө тийиш, (мисалы, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, баштапкы билим берүү мекемелери үчүн эмеректи сатып алуу үчүн бирдиктүү талаптарды жана квалификациялык талаптарды иштеп чыгат). Структуралык бөлүмдөр болуп саналган сатып алуучу уюмдар конкурсту өткөрүүдө бирдиктүү квалификациялык талаптарды жана техникалык спецификацияларды регламенттөөчү ички документтерди жетекчиликке алууга тийиш.

Эгер сатып алуунун предмети болуп жумуш саналса:

1) Сатып алуучу уюм курулуш иштерине конкурс өткөргөнгө чейин курулуш жана участоктун документи боюнча ыйгарым укуктуу органда экспертизадан өткөн, иштелип чыккан долбоордук-сметалык документтерге ээ болууга тийиш. Долбоордук-сметалык документтер курулуштун бардык негизги талаптарын жана принциптерин аныктоочу, ошондой эле курулуштун бардык этаптарын жана курулуш иштеринин түрлөрүн камтуучу курулуш ченемдерин жана эрежелерин (КЧжЭ) эсепке алуу менен иштелип чыгууга тийиш. КЧжЭны, анын ичинде курулуштун бюджетин аныктоо үчүн колдонуу зарыл. Эгер долбоордук-сметалык документация мурда иштелип чыкса (бир жылдан ашуун мурунку мөөнөт), анда ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген

коэффициенттердин негизинде обьекттин сметалык наркын көбөйтүү зарыл. Жумуштардын сметалык наркын аныктоодо, алдын алынбаган чыгымдар болгон учурда (белгиленген көлөмдөн ашыкча) Сатып алуучу уюм резервдик сумманы кароосу мүмкүн. Резервдик суммаларды кошуу сметаны бекитүүнү жеңилдетет, себеби мезгили боюнча аны жазып бекитүү зарылдыгы жокко чыгат, зарылдыгы болгон учурда конкурс резервдик суммасын эсепке алуусуз жүргүзүлөт.

2) Республикалык бюджеттен каржылануучу уюмдар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан бекитилген курулуштун бардык мезгилине объектти каржылоо планына ээ болууга тийиш.

3) Сатып алуулар планында объекттин курулушуна каралган жалпы сумманы көрсөтүү ылайыктуу. Эгер объект, кийинки жылга өтсө, курулуштун мезгилин көрсөтүү керек, конкурс курулуштун бардык көлөмүндө жүргүзүлөт.

4)Конкурсту өткөрүүдө сатып алуучу уюм курулуш иштерине лицензия менен аныкталуучу аткарылуучу жумуштардын жоопкерчилик деңгээлин эске алынууга тийиш. Конкурстун катышуучулары лицензияда белгиленген иштин түрлөрүн объекттердин лицензиясында көрсөтүлгөн жоопкерчиликтердин деңгээлинде аткаруу укугуна ээ. Объекттерде эң төмөнкү деңгээлдеги лицензия менен жоопкерчиликтин эң жогорку деңгээлдеги жумушту аткарууга тыюу салынат.

Конкурстун катышуучусу келишимдин колдонуу мезгилине колдонулуу күчүндөгү лицензияга ээ болууга тийиш. Өзүнүн конкурстук табыштамасында Катышуучу колдонуудагы лицензиянын көчүрмөсүн тапшырууга тийиш.

Эгер сатып алуу предмети кызмат көрсөтүүлөр болуп эсептелсе:

Сатып алуучу уюм кызмат көрсөтүүлөргө конкурсту өткөрүүгө чейин типтүү квалификациялык талаптар менен техникалык сертификациялар менен иштелген документацияга ээ болууга тийиш.

Стандарттуу конкурстук документтер өзүнчө бөлүмдөрдөн турат. "Конкурстун нускамасы" (КН) жана "Келишимдин жалпы шарттары" (КЖШ) сыяктуу мындай бөлүмдөр, ошондой эле Стандарттуу формалар (конкурстук табыштамалар, кепилдикти камсыз кылуу жана башка) бардык өткөрүлүүчү тооруктар үчүн типтүү болуп саналат жана өзгөрүүгө тийиш эмес. Конкреттүү конкурс боюнча маалымат "Конкурстун катышуучуларынын өзгөчө нускамасы" (ККӨН), "Келишимдин өзгөчө

шарттары (КӨШ), "Жумуштардын көлөмүнүн жана чыгымдык материалдарынын ведомосту" (ЖКжЧМВ) жана "Техникалык талаптар жана чиймелер" (ТТжЧ).

Стандарттуу конкурстук документтер төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

-Конкурска катышууга чакыруу;

-1-глава. Конкурстун катышуучуларына Өзгөчө нускамалар ( ККӨН);

2-глава. Конкурстун катышуучуларына Өзгөчө нускамалар ( ККӨН)

- 3-глава. Келишимдин жалпы шарттары (КЖШ );

- 4-глава. Келишимдин өзгөчө шарттары (КӨШ );

-5-глава. Сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жана тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси ;

6-глава. Техникалык талаптар;

7-глава. Стандарттуу формалар;

Стандарттуу формалар:

- № 1 Стандарттуу форма. "Конкурстук табыштама";

- № 2 Стандарттуу форма. «Баалардын таблицасы»( товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр) же Жумуштардын көлөмүнүн жана чыгымдык материалдарынын(жумуштардын) ведомосту (ИКжЧМВ);

- № 3 Стандарттуу форма. "Чыгымдык материалдарынын таблицасы (жумуштардын)";

- № 4 Стандарттуу форма. "Жыйынды ведомость"(жумуштар);

- № 5 Стандарттуу форма. Баалардын таблицасы: тиешелүү кызмат көрсөтүүлөр (КК)

- № 6 Стандарттуу форма. "Кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси»";

- № 7 Стандарттуу форма " Квалификация жөнүндө маалымат";

- № 8 Стандарттуу форма. "Конкурстук табыштаманын (банктык кепилдик) кепилдиктүү камсыздоо";

- № 9 «Конкурстук табыштаманы кепилдөөгө берилген декларация»;

№10 Стандарттуу форма. «Өндүрүүчүнү (товар) авторизациялоо»;

- № 11Стандарттуу форма "Келишимди ыйгаруу жөнүндө билдирүү»;

- № 12 - Стандарттуу форма. "Келишим";

- № 13 Стандарттуу форма. "Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоо";

- № 14 Стандарттуу форма. "Авансткы төлөмдү банктык кепилдиктөө

- № 15 Стандарттуу форма. "Заказга наряд ( жумуштар)".

- № 16 Стандарттуу форма. " Төлөөгө эсеп ".

2.Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда конкурстук документтерде баалоонун төмөндөгү критерийлерин белгилөө зарыл:

«Конкурска катышууга чакыруу» бөлүмүндө алдыда боло турган конкурс жөнүндө негизги маалыматтар көрсөтүлөт: сатып алуучу уюмдун аталышы жана кызматкердин байланыш маалыматтары, конкурсту өткөрүү үчүн жооптуулар, сатып алуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кыскача баяндалышы, талап кылынуучу көлөмдөр жана берүү мөөнөтү, же жумуштарды жана кызмат көрсөтүү, өткөрүлгөн жери, конкурстук табыштамаларды берүү акыркы датасы жана ачуу убактысы, конкурстук табыштамалардын колдонуу мөөнөтү, конкурстук табыштамалардын кепилдиктүү камсыздоо боюнча талаптар

Эскертүү:Чакырууда көрсөтүлгөн маалыматтар толугу менен Конкурстун өзгөчө нускамасында белгиленген талаптарга ( ККӨН) ылайык келүүгө тийиш.

- "Конкурстун катышуучуларынын өзгөчө нускамасы" (ККӨН) бөлүмү "Конкурстун катышуучуларынын нускамасын" (ККН) өзгөртөт жана толуктайт ККӨН . " Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14 жана 27-беренелерине ылайык иштелип чыгууга тийиш жана ККН талаптарын колдонот. Конкурстун өзгөчө нускамасы менен ККНнын жоболорунун ортосунда кайчы-пикирлер келип чыккан учурда, конкурстун өзгөчө нускамасы артыкчылыкка ээ болот. Эгер, конкурстун өзгөчө нускамасында катышуучуга карата талаптар же баалоо критерийлери белгиленбесе, кийин сатып алуучу уюм белгиленбеген критерийлерди колдонууга же конкурстун катышуучусунан белгиленбеген талаптарга ылайык келүүсүн талап кылууга укугу жок болот.

Атап айтканда, конкурстун катышуучусунун, өзгөчө нускамасында катышуучуларга карата квалификациялык талаптар Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 27-беренесине ылайык белгиленет: берүүлөрдү аткаруунун жалпы тажрыйбасы (минималдык мезгил көрсөтүлөт), бирдей келишимдерди аткаруу тажрыйбасы (бирдей товарларды, жумуштарды, жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүгө мурда аткарылган келишимдердин көлөмүнүн

суммасы), финансылык жана техникалык мүмкүнчүлүктөр, конкурска катышуу учурунда салыктарды жана социалдык камсыздандырууга милдеттүү төгүмдөрдү төлөө боюнча аткарылбаган милдеттенмелердин жоктугу боюнча талаптар. Ушул бөлүмдө конкурстук табыштамалардын колдонуу мөөнөтү белгиленет - бардык табыштамаларды баалоону аяктоо, келишимди ыйгаруу жана ага кол коюу жөнүндө билдирүү үчүн жетиштүү болууга тийиш.

- «Келишимдин жалпы шарттары» (КЖШ) типтүү бөлүк болуп саналат жана КЖШ беттеринде эч кандай өзгөрүүлөр жасалууга тийиш эмес. Сатып алуучу, КЖШ өзгөртүү жана толуктоо зарылдыгында келишимдин өзгөчө шарттарында (КӨШ) гана жасалууга конкреттүү келишимге карата колдонулуучу жоболор айтылат, төлөмдүн шарты, товарларга кепилдиктердин мөөнөтү, айыптык санкциялар, талаштарды жөнгө салуу үчүн сот инстанциясы жөнүндө маалымат жана башкалар. Келишимдин өзгөчө шарттары (КӨШ) бөлүмүнө киргизилген ар кандай өзгөртүүлөр же толуктоолор Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келүүгө тийиш.
- Келишимдин формасы. Келишимге кол коюуда толтурулуучу Стандарттуу форма (келишимдин жалпы суммасы, тараптардын реквизиттери) жана Сатып алуучунун ыйгарым укуктуу өкүлү жана берүүчү/ подрядчы тарабынан кол коюлат. Келишим анын кол коюлган формасынан жана бул формада саналган бардык тиркемелерден турат.
- «Техникалык талаптар» бөлүмүндө сатып алынган товарлардын параметрлерине, сапатына таңгагына же курулуш же чыгымдык материалдардын сапатына карата талаптар белгиленет. Спецификациялар максималдлуу атаандаштыкты камсыздагандай түрдө түзүлүүгө тийиш жана мында сатып алынуучу товарлардын ылайыктуулугун камсыздоосу зарыл. Техникалык спецификацияны түзүүдө алардын чектүү мүнөздү алып жүрбөшүн иликтеп туруу зарыл. Атап айтканда, конкурстук документацияда товарларга карата талаптар кошулбайт, эгер конкурстун катышуучуларынын негизделбеген чектүү санынын талаптарына алып келсе (мисалы, өлчөмдөрүнө талаптар, ал бирден бир гана өндүрүүчү тарабынан гана чыгарылса). Курулуш материалдары же

чыгымдык материалдар же берилүүчү товарлар мурда колдонулбаган жаңы болууга тийиш, акыркы же өндүрүштө колдонулуп жаткан моделде даярдалууга жана келишимде башка каралбаса, долбоорлоо жана материалдарды иштеп чыгуу жаатындагы акыркы бардык жетишкендиктерди чагылдырууга тийиш. Берилүүчү товарлардын сапаты жана коопсуздугу жана жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашырууда колдонулуучу чыгымдык материалдар Кыргыз Республикасыныын мыйзамдарына ылайык тиешелүү техникалык регламентке ылайык келүүгө жана сертификаттары ырасталууга тийиш. Эгер сатып алуучу уюм автомашина сатып алууну ниеттенсе, сатып алуучу уюмдар автотранспорттук каражаттарды сатып алууда транспорттук каражаттардын типтерин жактыруу сертификатын берүү жөнүндө конкурстун катышуучулары үчүн конкурстук документациянын талаптарынын, шасси тибиндеги жактыруу сертификатын, транспорттук каражаттардын конструкциясынын коопсуздугу жөнүндө Күбөлүктү кошууга тийиш, себеби себеби жогоруда аталган документтерди «Кыргыз Республикасында техникалык жөнгө салуунун негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана "Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо маселелери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылодын 23-июнундагы №407 токтому, ошондой эле , ошондой эле 2014 –жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык биримдиги жөнүндө келишимине карата Кыргыз Республикасынын кошулушу жөнүндө келишими жана 2016-жылдын 26-январындагы №11 «Кыргыз Республикасында Бажы биримдигинин техникалык регламенттерин күчүнө киргизүү тартиби жөнүндө» Евразия экономикалык комиссиясынын коллегиясынын чечиминин талаптарына ылайык келтирүү милдеттүү болуп саналат.

Ошентип, сатып алуучу уюмдар Евразия экономикалык биримдигинин мүчө-мамлекеттери болуп саналбаган жана 2017-жылдын 12-февралынан кийин үчүнчү өлкөлөрдөн транспорттук каражаттардын типтерин жактыруу сертификатысыз, шасси типтерин жактыруу сертификатысыз, транспорттук каражаттардын конструкциясынын коопсуздугу жөнүндө Күбөлүгүсүз Кыргыз Республикасына алынып келинген автотранспорттук каражаттарды сатып ала алышпайт.

Спецификациянын негизги үч түрү бар:

- функционалдык, жабдуулар ишке ашырылуучу функцияларды баяндайт, мисалы, бухгалтердик эсепти автоматташтыруу үчүн система же автоматтык долбоорлоо системасы;

-спецификациялар, жабдуулардын эксплуатациялык (жумушчу) мүнөздөмөлөрүнө негизделген;

-техникалык, өндүрүштө, талап кылынган параметрлердин так маанисин колонулуучу жабдуулардын өлчөмдөрү, материалдарыдын техникалык жана физикалык мүнөздөмөлөрүн аныктайт ж.б.

Товарлардын стандарттарынын спецификациясында эл аралык таанылган ченемдер жана стандарттарды кеңири колдонулушу мүмкүн. Спецификацияларда стандарттардын башка ченемдерин колдонууда товарларга эмне алгылыктуу болуп саналгандыгын көрсөтүү ылайык, ал башка таанылган ченемдерге жана стандарттарга жооп берет жана сапаттын эквиваленттүү же жогорку деңгээлин камсыздайт. Кыргыз Республикасынын аймагында төмөндөгүлөр колдонулат:

- Кыргыз Республикасынын улуттук стандарттары;

-стандартташтыруу жаатындагы эрежелер, ченемдер жана рекомендациялар;

-эл аралык стандарттар;

-башкап өлкөлөрдүн улуттук стандарттары;

-уюмдардын стандарттары.

Башка өлкөлөрдүн эл аралык стандарттары жана улуттук стандарттары Кыргыз Республикасында Улуттук стандартташтыруу боюнча орган (УСО) тарабынан белгиленген усулга ылайык стандартташтыруу боюнча улуттук документтер катары колдонулат.

Конкурстук документтерди түзүүдө ар кандай уюмдар берүүчү болуп иштеген ар кандай топтордон товарлардын бир лотун кошууга мүмкүн эмес.

Техникалык талаптар төмөндөгү көрсөтмөлөрдү камтууга тийиш эмес:

а) соода маркасын;

б) товардык белгисин;

в) өндүрүүчүлөрдүн аталышын.

Конкурстук документтерди түзүүдө:

- лотторду ирилештирүүдөн четтөө

- ар кандай топко кирүүчү  товарларды бир лотко бириктирбөө;

-эгер  иш лицензияланса, анда лицензия  табыштаманы берген учурда жана  контракттын бардык мезгилинде күчүндө болууга тийиш

Милдеттүү сертификацияланууга тиешелүү  товарлардын тизмеси:

Милдеттүү сертификацияланууга тиешелүү  товарлардын тизмеси, төмөндө мындай товарлардын тизмесин аныктоочу  ченемдик актылар келтирилди.

- сертификатка ылайык  колдонулууга  жайылтылган конкреттүү продукциянын тизмеси (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн  токтому менен бекитилген);

-ветеринардык контролго тиешелүү товарлардын тизмеси (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн  токтому менен бекитилген);

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу өтүүдө санитардык-эпидемиологиялык контролго  тиешелүү Кыргыз Республикасына  алынып келинүүчү  товарлардын тизмеси (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн  токтому менен бекитилген);

-  Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу өтүүдө фитосанитардык  контролго  тиешелүү Кыргыз Республикасына  алынып келинүүчү  товарлардын тизмеси (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен бекитилген).

Сертификатка  шайкештүүлүктү  регламенттөөчү документтер:

- «Кыргыз Республикасында техникалык жөнгө салуунун негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Товарларды техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укуктук  актылары;

2014-жылдын 29-майывндагы Евразия экономикалык союзу жөнүндө Келишимге карата  Кыргыз Республикасынын  кошулушу жөнүндө келишим;

- «Кыргыз Республикасында Бажы биримдигинин техникалык регламенттерин күчүнө киргизүү тартиби жөнүндө» Евразия экономикалык  комиссиясынын 2016-жылдын 26-январындагы №11 коллегиясынын чечими  .

**Конкурска катышууга чакыруу №___________**

*[ККӨН1.1 –п. ылайык конкурстун номерин көрсөткүлө]*

Датасы_________________

1. __________ *[ККӨН 1-пунктунун 1- пунктчасына ылайык сатып алуучу уюмдун аталышын жана юридикалык дарегин көрсөткүлө]* ( (мындан ары - “Сатып алуучу”) бардык кызыкдар Берүүчүлөрдү/Подрядчыларды төмөндөгү товарларды,жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүгө конкурстук табыштаманы берүүгө чакырат:

_____________*[сатылып алынуучу* товарларды,жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жана берүүлөр көлөмүн кыскача баяндоо*, эгер конкурс лотторго бөлүнсө –ККӨН 1–пунктунун 1- пунктчасына ылайык ар бир лоттун номерин, аталышын жана ар бир лоттун кыскача баяндалышын көрсөткүлө]*

Берүүнүн мөөнөтү же жумуштарды же кызмат көрсөтүү ____________________ *[мөөнөтүн көрсөтүү (ар бир лот үчүн, эгер айырмаланса), КӨШ 11- пунктуна ылайык*

2. Сатып алуулар мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталында катталган (мындан ары -веб-портал) Кыргыз Республикасынын электрондук мамлекеттик сатып алуулардын системасындагы http://zakupki.gov.kg сайтында конкурстук документациянын талаптарына ылайык потенциалдуу бардык катышуучуларп үчүн ачылган эки этаптуу конкурстук усул аркылуу ишке ашырылат .

3. Бул конкурс эки этаптуу ыкма метод менен жүргүзүлөт, ал төмөнкүдөй түрдө өткөрүлөт*:*

1) биринчи этапта берүүчүлөргө (подрядчыларга) конкурстук документацияда конкурстук табыштаманын бааларын көрсөтүүсүз алардын сунушун камтуучу баштапкы конкурстук табыштамаларды тапшыруу сунушталат. Конкурстук документация сатып алуу предметинин техникалык, сапаттык же эксплуатациялык мүнөздөмөлөрүнөн, ошондой эле берүүлөрдүн келишимдик шарттарынан жана берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) квалификациялык маалыматтарынан туруууга тийиш.

2) биринчи этапта баштапкы конкурстук табыштамаларынын ар кандай аспектиси боюнча мыйзамдын жоболоруна ылайык четтетилбеген баштапкы конкурстук табыштамалар сатып алуучу уюм берүүчүлөр (подрядчылар) менен талкуулоо жүргүзүлүшү мүмкүн. Эгер сатып алуучу уюм кандайдыр-бир берүүчү (подрядчы) менен талкуулоону өзүнчө же биргелештикте жүргшүзсө, ал бардык берүүчүлөргө (подрядчы) ушундай талкууларга катышууга ошол эле шарттарды камсыздайт. Ар бир берүүчү (подрядчы) менен өзүнчө талкуулоо төмөндөгү шарттарда гана уруксаат берилет, эгер берүүчүнүн (подрядчынын коммерциялык кызыкчылыктарына мыйзамдуу зыян алып келсе же ак ниеттүү атаандаштыкка тоскоолдуук кылган биргелешкен талкуулоолор жүргүзүлсө;

3) биринчи этаптын натыйжалары боюнча протокол түзүлөт, анда эки этаптуу конкурстун биринчи этабын жүргүзүүчү жери, датасы жөнүндө маалыматтар көрсөтүлөт, аталышы (юридикалык жактар үчүн), фамилиясы, аты-жөнү, (болуусу) (жеке жактар үчүн) жана ар бир катышуучунун дареги;

4) эгер биринчи этаптын табыштамаларын берүү мөөнөтү аяктаганы боюнча учурда бир гана табыштама берилсе же бир дагы табыштама берилбесе,эки этаптуу конкурс өткөн жок деп таанылат;

5) эки этаптуу конкурстун жол-жобосунун экинчи этабында сатып алуучу уюм бардык берүүчүлөргө (подрядчыларга) сатып алуулардын шарттарында каралгандарды эске алуу менен бааларды көрсөтүү менен акыркы конкурстук табыштамларды биринчи этапта четтетилбеген баштапкы конкурстук табыштамаларды сунуштайт.

6) сатып алуучу уюмдарга сатып алуу предметин алмаштырууга тыюу салынат, бирок сатып алуу предметин баяндоонун аспекттерин тактоо төмөндөгүдөй түрдө уруксат берилет:

- сатып алуулардын предметинин баштапкы көрсөтүлгөн техникалык, сапаттык же эксплуатациялык ар бир аспекттерин алып салуу же өзгөртүү жана мыйзамдын талаптарына жооп берүүчү жаңы мүнөздөмөлөрдү толуктоо;

- конкурстук табыштамаларды кароо жана ар бир баштапкы баалоо үчүн көрсөтүлгөн критерийлерди алып салуу же өзгөртүү же мыйзамдын талаптарына жооп берүүчү жаңы критерийлерди кошуу, эгер бул критерийлер сатып алуу предметинин мүнөздөмөлөрүнүн техникалык, сапаттык же эксплуатациялык өзгөртүүлөрүнө тийиштүү болсо;

- акыркы конкурстук табыштамаларды тапшырууга чакырууда берүүчү (подрядчы) алып салуу, өзгөртүү же кошуу жөнүндө билдирүү.

4.Конкурстун катышуучуларына карата бирдиктүү талаптар коюлат. Конкурстун жеңүүчүсү эки этапта катышкан жана келишимди аткаруунун мыкты сунушун берген конкурстук табыштама таанылат.

Ички берүүчү/подрядчылар үчүн жеңилдиктер «__%»ды түзөт, Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүш жөнүндө тастыктоо үчүн СӨП тарабынан (Соода-өнөр жай палатасы) берилген СТ-1 сертификатын тапшыруу зарыл.

5. Каржылоо булагы : ___________________ [*ККӨН 1–пунктунун 1) пунктчасына ылайык каржылоо булактарын көрсөткүлө*].

6. Конкурстун катышуучулары өзүлөрүнүн конкурстук табыштамаларын электрондук түрдө берүүгө тийиш, http://zakupki.gov.kg дареги боюнча мамлекеттик сатып алуулар веб-порталында тиешелүү формаларды толтурат жана талап кылынуучу документацияны ____ саат ____ минуттан кеч эмес “___” ____________ 20___ ж. дарек боюнча_______________________________________ *[ККӨН 17–пунктунун 1-пунктчасына ылайык конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтүн көрсөткүлө (убактысы, датасы) жана жери (уюмдун аталышы, дареги, кабинет номери]*

7. Конкурстук табыштама конкурстук табыштамнын кепилдиктүү камсыздоо менен бирге а өлчөмдө_______ түрдө ______, же ________

8. [*суммасын көрсөткүлө жана ККӨН 14-пунктунун 1) пунктчасына ылайык уруксат берилген түрдү санагыла же ККӨН 14-пунктунун 5) пунктчасы менен кепилдиктүү камсыздоо ордуна*

*конкурстук табыштаманын Декларациясы каралган, төмөндөгү формулировка менен алмаштыргыла* :

«Конкурстук табыштама конкурстук табыштамага берилген кепилдиктөөчү декларация менен бирге берилүүгө тийиш" . Алкактуу макулдашууну түзүүгө конкурсту жүргүзүүдө ГОКЗ берүү жөнүндө талап колдонулбайт

9. Сиздин конкурстук табыштамаңыз *[ККӨН 13-пунктунун 1)-пунктчасына ылайык күндөрдүн санын көрсөткүлө*] конкурстук табыштаманы ачкан датадан кийин күн аралыгында колдонууда болууга тийиш жана өзгөрүлбөйт же көрсөтүлгөн мезгил аяктаганга чейин чакырылып алынбайт .

10. Конкурс алдындагы кеңешме өтөт[1] ____ саат ____ минутта "___" ____________ 20___ -ж. дарек боюнча: ________________________ ККӨН 6-пунктунун 2) пунктчасына ылайык конкурс алдындагы кеңешмени өткөрүү *[убактысын, датасын жана жерин көрсөткүлө (уюмдун аталышы, дареги, кабинет номери)* .

11. *Эскертүү: эгер ККӨН* конкурс алдындагы кеңешме каралбайт деп көрсөтүлсө – бул пункт алынып салынат*]*

12. Мамлекеттик сатып алуулар порталы конкурстук комиссиянын курамы үчүн конкурстук табыштамаларга жеткиликтүүлүктү камсыздайт жана конкурстук табыштамаларды ачуунун протоколун автоматтык түрдө түзөт ____ саат ____ минут "___" ____________ 20___ г. ______________________________________ *[ККӨН 20–пунктунун 1) пунктчасына ылайык табыштамаларды ачуунун убактысын жана датасын көрсөткүлө ]*

13. Конкурстук документациянын кошумча маалыматтарын алуу үчүн мамлекеттик сатып алуулар порталы берүүчү тиешелүү функцияны колдонуу менен конкурстук табыштамалардын берүүнүн акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин он беш календардык күндөн кеч эмес сатып алуучуга кайрылуусу ылайык.

14. Сатып алуучу берилген конкуррстук табыштаманын сакталышын, бүтүндүгүн жана конфиденциалдуулугун кепилдейт жана конкурстук табыштамалардын белгиленген ачуу убактысында гана аны кароону камсыздайт. Мындан тышкары, сатып алуучу аны контролдоодон тышкары келип чыккан кырдаалдардын ар кандай кармалууларына жоопкерчиликтүү болуп саналбайт. Ушуларга карабастан, мамлеккеттик сатып алуулар порталы конкурстук документациянын өзгөрүүсү болуусунда катышуучуларга билдирүү жиберет, эгер конкурстун катышуучусу кандайдыр-бир маалыматты албай калса сатып алуучу жоопкерчилик тартууга тийиш эмес. Конкурстун катышуучуларынын

[1] Конкурс алдындагы кеңешме конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин беш жумушчу күндөн кеч эмес жүргүзүлөт

милдеттерине конкурстук табыштамага тиешелүү абдан актуалдуу маалыматтардын предметине порталды текшерүү кирет.

**Сатып алуучу уюмдун жетекчиси** **/Аты-жөнү/**

**Мөөр орду**

1-тиркеме

## 1-глава. Конкурстун катышуучуларына нускама (ККН)

Бул глава «Конкурстун катышуучуларына нускама» (мындан ары текст боюнча «ККН») бардык конкурстарга колдонулуучу типтүү глава болуп эсептелет. ККН текстине эч кандай өзгөртүүлөр киргизилбеши керек.

Сатып алуучу уюм өзүнүн талабын «Конкурстун катышуучуларынын өзгөчө нускамасына» гана киргизе алат (мындан ары текст боюнча «ККӨН»).

### § 1. Жалпы жоболор

1.Каржылоо булактары:

1)Сатып алуучу уюм (мындан ары текст боюнча «Сатып алуучу»), бул конкурсту, ККӨНдө көрсөтүлгөн товарды, жумушту же кызмат көрсөтүүнү берүүгө өткөрөт.

2.Конкурстун катышуучуларынын укугу:

1) Конкурска катышууга бул чакыруу, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, ошондой эле Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын түзүүчү бөлүгү болгон эл аралык жалпыга таанылган укуктук принциптери жана ченемдерине каршы келген өлкөлөр менен өз ара аракеттешүүдөн тышкары, кандай гана болбосун өлкөдөгү бардык берүүчү/подрядчыга жайылтылат. Мындай өлкөлөрдүн тизмеги ККӨНдө келтирилген;

2) Конкурстун катышуучусунда кызыкчылыктардын кагылышы болбошу керек. Кызыкчылыктар кагылышы аныкталган конкурстун бардык катышуучуларынын табыштамалары четке кагылат, ал төмөнкү учурлар, эгерде конкурстун катышуучусу:

- азыркы учурда, же мурда кызматкерлери бул конкурстук документациянын башка бөлүктөрүн жана/же техникалык талаптарын иштеп чыгуу боюнча консультациялык кызмат көрсөтүүлөр үчүн сатып алуучу тарабынан ишке тартылган уюм же анын каалаган филиалы же бөлүмү менен байланыштуу болгон;

- бул конкурстук процесстин алкагында бирден көп конкурстук табыштама берген, конкурстун башка катышуучусу же сатып алуучу менен жалпы жетекчиге жана/же негиздөөчүгө ээ болгон. Бирок бул чектөө субродрядчылардын же берүүчүлөрдүн бирден ашык конкурстук табыштамага катышуусуна жайылтылбайт;

- конкурстук табыштаманы берген күнгө чейин акыркы эки жыл аралыгында заказ берүүчүнүн кызматкери болуп эсептелсе, же мындай кызматкерди жалданма персонал катары пайдаланса;

3) Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, конкурстун катышуучулары (жөнөкөй шериктиктин бардык мүчөлөрүн кошкондо) ишеничтүү жана ак ниеттүү эмес берүүчүлөрдүн, ошондой эле эл аралык финансылык уюмдардын ушул сыяктуу маалымат базасында жана “кара тизмесинде” болбошу керек.

4) Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, эгерде юридикалык жана финансылык өз алдынчалыкка ээ болушса, жана алар юридикалык жактан ишкердик иш менен алектенгенге укуктуу болушса, анда конкурска катыша алышат.

3. Конкурстун катышуучуларынын квалификациясы;

1) Конкурстун катышуучулары конкурстук табыштама менен бирге ушул конкурстук документацияда белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык келүүсүн аныктаган документтик аныктаманы берүүгө тийиш;

2) Эгерде алдын-ала квалификациялык тандоо өткөрүлгөн болсо, анда конкурсту өткөрүүдө алдын-ала квалификациялык тандоодон өткөн гана катышуучулардын конкурстук табыштамалары каралат. Бул катышуучулар алдын-ала квалификациялык тандоого табыштама берген учурдан баштап келип чыккан бардык өзгөртүүлөрдү көрсөтүп жана бардык тиркемелер менен "Квалификация жөнүндө маалыматтардын" толтурулган формасын берип, алдын-ала квалификациялык тандоого алгачкы табыштамада берилген маалыматтарды тастыктоого тийиш;

3) Конкурстун катышуучулары тийиштүү түрдө толтурулган жана кол коюлган “Квалификациясы жөнүндө маалымат” формасын (7-главада берилген формага ылайык), ошондой эле төмөнкүдөй маалыматтарды жана документтерди бериши керек:

- иштин негизги түрүн жана катталган ордун, юридикалык статусун көрсөтүү менен юридикалык жактын уставы жана каттоосу жөнүндөгү күбөлүктүн көчүрмөсүн;

- Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген учурда колдонууда болгон лицензиянын көчүрмөсүн, же болбосо каттаган өлкөнүн лицензиясын (лицензиялоого тийиш болгон, келишим менен каралган иштин бардык түрлөрүн);

- конкурстук табыштаманы берүүдөн мурда, "ККӨНдө" көрсөтүлгөн мезгилдин ичинде окшош товарларды берүү же окшош жумушту же кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу боюнча тажрыйбасы бар экени жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле бул келишимдер боюнча мындан ары маалыматтарды алуу үчүн кайрылууга боло турган адамдардын байланыш маалыматтарын жана дарегин, алар жөнүндө маалыматтарды, келишимдик милдеттенмелер жана учурдагы берүүлөр жөнүндө так маалыматтарды, аткарылган жумуш жана кызмат көрсөтүүлөрдүн келишимдеринин же актыларынын көчүрмөсүн берүү менен;

- келишимди аткаруунун жүрүшүндө пайдаланууну болжогон жабдуулардын түрлөрү жөнүндө маалымат;

- негизги кызматкерлердин квалификациясы жана иш тажрыйбасы жөнүндө маалыматтарды;

- Конкурстук табыштаманы берердин алдындагы "Конкурстун катышуучуларына өзгөчө нускамада" көрсөтүлгөн мезгил үчүн конкурстун катышуучусунун финансылык ишмердиги жөнүндө отчеттордун көчүрмөсүн (баланстар, чарба иштеринин жыйынтыгы жөнүндө отчеттор, акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттор, кирешелер жана чыгымдар жөнүндө отчеттор же аудитордук корутундулар);

- конкурстук табыштаманы ачууга чейин берилген, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна милдеттүү төлөмдөрдү жана

салыктарды төлөө боюнча карыздардын жок экендиги тууралуу маалыматты, каттаган өлкөнүн мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын резиденттери эместер үчүн карыздар жөнүндө маалыматты;

- келишимди аткаруу үчүн финансылык ресурстардын болушун тастыктоочу документтер (өздүк жүгүртүү каражаттары, кредиттик линияга жетүү мүмкүнчүлүгү жана башка финансы ресурстарынын болушу);

- конкурстун катышуучусун тейлөөчү банктардан маалымат алуу укугуна болгон ишеним кат;

- тартылган тараптарды, талаштын предметин жана талашылып жаткан сумманы көрсөтүү менен, конкурстук табыштаманы берген датага карата конкурстун катышуучусу тартылган соттук жана арбитраждык териштирүүлөр жөнүндө маалыматтар;

- эгерде конкурстун катышуусу сунуш кылынган товардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүнүн өндүрүүчүсү болуп эсептелбесе, анда ал өндүрүүчү же анын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан берилген конкурска катышууга жана көрсөлгөн товарларды Кыргыз Республикасынын аймагына берип турууга уруксаат берүүчү «Өндүрүүчүнүн авторизациясын” көрсөтүшү керек (7-главада көрсөтүлгөн формага ылайык);

-ККӨНдө көрсөтүлгөн башка маалыматтарды жана/же документтерди;

4) Келишимди ыйгарууга талапкер болуу үчүн конкурстун катышуучусу төмөнкүдөй минималдуу квалификациялык талаптарды канааттандыруусу керек:

- конкурстук табыштаманы берердин алдындагы мезгил ичинде ККӨНдө көрсөтүлгөн окшош товарды, жумушту жана кызмат көрсөтүүнү аткаруу тажрыйбасы ККӨНдө көрсөтүлгөн тажрыйбадан кем эмес болушу керек;

- финансылык ресурстардын келишимди аткаруу үчүн жетиштүү көлөмдө, бирок ККӨНдө көрсөтүлгөндөн кем эмес суммада болушу ;

- конкурстун катышуучусуна карата козголгон аяктабаган соттук жана/же арбитраждык териштирүүлөрдүн болбошу;

- Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген, келишим менен алдын ала каралган иштин түрлөрүн ишке ашырууга учурдагы лицензиянын болушу (эгерде милдеттүү түрдө лицензиялоого тийиштүү болсо);

- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна салыктарды жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча карыздардын жоктугу;

- ККӨНдө көрсөтүлгөн кошумча талаптар, мисалы, конкурстун катышуучусуна өндүрүүчү тарабынан берилген сунушталган товарларды берүүгө жана конкурска катышууга уруксааттын болушу (авторизация) (эгерде зарыл болсо);

5) Эгерде конкурстук документация менен лоттор боюнча баалоо алдын ала каралган болсо жана ар бир лот үчүн өзүнчө квалификациялык талаптар белгиленген болсо, анда бир нече лот боюнча келишимдерди ыйгарууга талапкер болгон катышуучу, ар бир лот үчүн 1-главанын 3-пунктунун 4-пунктчасынын экинчи жана үчүнчү абзацтарында белгиленген тийиштүү талаптардын суммасына шайкеш келиши керек, эгерде ККӨНдө башкасы айтылбаган болсо;

6) Эки же андан көп өнөктөш-фирмалардан түзүлгөн, жөнөкөй кызматташтык берүүчү квалификация жөнүндө маалыматтар төмөнкү талаптарга жооп бериши керек, эгерде тендердин катышуучуларына Конкурстун катышуучуларынын нускамасынын өзгөчө шарттарында башкасы каралбаса:

- 1-главанын 3-пунктунун 3- пунктчасында саналып өткөн бардык маалыматтарды өзүнө камтууга тийиш, ал ар бир өнөктөшкө колдонулат;

- макулдашуунун формасы бардык өнөктөштөр үчүн юридикалык күчкө ээ болгудай түрдө түзүлүүгө жана кол коюлууга тийиш;

- бардык өнөктөштөр Келишимдин шарттарына ылайык, келишимди аткаруу үчүн бирдей жоопкерчилик тартышат;

- өнөктөштөрдүн бири ишеним менен тастыкталган, милдеттенме алууга ыйгарым укуктуу жетектөөчү болууга тийиш, ал ар бир өнөктөштөн жана бардык өнөктөштөрдүн атынан тапшырма боюнча көрсөтмө алууга ыйгарым укуктуу;

- конкурстук табыштама жөнөкөй кызматташтыктын бардык мүчөлөрүнөн берилиши керек, анда бардык өнөктөштөр Келишимди аткаруу үчүн биргеликте жана өз-өзүнчө жоопкерчилик тартышат жана жетектөөчү өнөктөш милдеттенме алууга жана ар бир өнөктөштөн жана бардык өнөктөштөрдүн атынан тапшырма боюнча көрсөтмө алууга укуктуу, ошондой эле төлөмдөрдү кошкондо, Келишимди аткаруу боюнча бардык операциялар бир гана жетектөөчү өнөктөш тарабынан жүргүзүлөт;

7) Катышуучунун жогоруда көрсөтүлгөн 1-главанын 3-пунктунун 4-пунктчасынын экинчи абзацында баяндалган минималдуу квалификациялык талаптарга ылайыктыгын аныкташ үчүн жөнөкөй кызматташтыктын (консорциумдун) өнөктөштөрүнүн ар бирин мүнөздөгөн цифралар суммаланат. Бирок, жөнөкөй кызматташтык квалификациялык талаптарга жооп бериши үчүн, ар бир өнөктөш 1-параграфтын 3-пунктунун 2,3,6-пунктчасында көрсөтүлгөн өзүнчө катышуучулар үчүн минималдуу критерийлердин 10 пайызынан кем эмеске шайкеш келиши керек, ал эми жетектөөчү өнөктөш мындай минималдуу критерийлердин кеминде 40 пайызынан кем эмесин канааттандырышы керек. Бул талаптарга шайкеш келбеген учурда катышуучунун конкурстук табыштамасы четке кагылат. Квалификацияны аныктоодо жөнөкөй кызматташтыктын өнөктөштөрүнүн тажрыйбасы суммаланат. Бул

талаптарга шайкеш келбеген учурда жөнөкөй кызматташтыктын конкурстук табыштамасы четке кагылат;
8) Ар бир Катышуучу өз алдынча же жөнөкөй кызматташтыктын (консорциумдун) курамында өнөктөш катары бир гана конкурстук табыштама бере алат. Эгерде Катышуучу өз алдынча же жөнөкөй кызматташтыктын курамында (консорциумда) бирден көп сунуштама берсе, ал катышкан бардык сунуштамалар четке кагылат.

4. **Конкурска катышуу сарптоолору**

1) Катышуучу конкурстук табыштамасын даярдоого жана берүүгө байланыштуу бардык сарптоолорду көтөрөт. Сатып алуучу конкурстун жыйынтыгына карабастан, мындай сарптоолордун ордун толтуруу үчүн жоопкерчилик тартпайт.

## § 2. Конкурстук документацияларга кирген, документердин тизмеси

### 5. Конкурстук документациянын мазмуну:

1) конкурс үчүн документация (мындан ары текст боюнча «Конкурстук документация») төмөнкүдөй главаларды камтыйт:
- 1-глава. Конкурстун катышуучуларына нускама (ККН);
- 2-глава. Конкурстун катышуучуларына өзгөчө нускама (ККӨН);
- 3-глава. Келишимдин жалпы шарттары (КЖШ);
- 4-глава. Келишимдин өзгөчө шарттары (КӨШ);
- 5-глава. Сатып алынуучу товарлардын, жумуштун жана тийиштүү кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси;
-6- глава. Техникалык талаптар;
- 7-глава. Стандарттык формалар. ККӨНдө көрсөтүлгөн конкурстук документацияга кирген стандарттык формалардын тизмеси;

2) Конкурска катышууга чакыруу конкурстук документациянын курамына кирбейт жана маалымат үчүн гана киргизилет. Конкурска катышууга чакыруу менен конкурстук документациянын ортосунда айырма келип чыкканда, ККНнын 5-пунктунун 1-пунктчасында саналып өткөн бөлүктөр боюнча, конкурстук документация артыкчылыкка ээ болот;

3) Конкурстун катышуучусу конкурстук документтерде камтылган бардык нускамалар, формалар, шарттар жана техникалык шарттар менен таанышууга тийиш. Конкурстук документтерде суралган маалымат толук

берилбесе же конкурстук документтердин талаптарына жооп бербеген конкурстук табыштама берилгенде, конкурстук табыштаманын четке кагылышына алып келет.

6. Конкурстук документацияны түшүндүрүү жана конкурстун алдындагы кеңешме:

1) Конкурстун катышуучусу Келишимдин өзгөчө нускамасынын шарттары көрсөтүлгөн дарек боюнча электрондук суроо-талапты жөнөтүү менен Конкурстук документтердин түшүндүрмөсүн Сатып алуучудан сурап алууга укуктуу. Суроо-талап Сатып алуучу тарабынан Конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин 5 (беш) календардык күндөн кеч эмес убакта алынууга тийиш. Сатып алуучу анын булагын жана тийиштүү түшүндүрмөлөрдү көрсөтпөстөн суроо-талаптын мазмунун баяндоо менен Конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин 3 (үч) календардык күндөн кеч эмес убакытта мындай суроо-талапка жооп берүүгө тийиш. Түшүндүрмөлөр мамлекеттик сатып алуулар веб-порталына жайгаштырылууга тийиш;

2) ККӨНдө алдын ала каралган болсо, сатып алуучу ККӨНдө көрсөтүлгөн жерде, күндө жана убактытта конкурс алдындагы кеңешмени уюштура алат. Конкурстун катышуучулары конкурс алдындагы кеңешме өткөнгө чейин катышуусун тастыктоо зарыл жана конкурс алдындагы кеңешме башталганга чейин суроолордун тизмесин даярдоо сунушталат. Кеңешменин жыйынтыгы боюнча сатып алуучу уюм берилген түшүндүрмөлөрдү жана коюлган маселелерди көрсөтүү менен протокол даярдоого тийиш. Протокол мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылат.

7. Конкурстук документацияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү:

1) Сатып алуучу техникалык талаптарга же конкурстук документациянын башка бөлүктөрүнө конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин үч (3) жумуш күндөн кеч эмес убакытта толуктоолорду жарыялоо жолу менен өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу. Сатып алуучу уюм мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталында конкурстук документацияны өзгөртөт. Конкурстук документациянын өзгөртүлгөнү жөнүндө билдирме, конкурстук документтерди алган претенденттерге система аркылуу жөнөтүлөт жана алар үчүн милдетүү түрдөгү күчкө ээ болот.

2) Конкурстун катышуучуларына өзүнүн конкурстук табыштамаларын даярдоодо киргизилген ондоолорду же берилген түшүндүрмөлөрдү эсепке алууга жетиштүү убакыт берүү үчүн, Сатып алуучу конкурстук табыштаманы берүүнүн акыркы мөөнөтүн, мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтүн өзгөртүү менен, 10 календардык күндөн кем эмес убакытка узарта алат.

## § 3. Конкурстук табыштамаларды даярдоо

8. Конкурстук табыштаманын тили:

1) Конкурстун катышуучусу тарабынан даярдалган конкурстук табыштама (мындан ары текст боюнча «Конкурстук табыштама»), ошондой эле конкурстун катышуучусу менен Сатып алуучу алмашуучу бул табыштамага байланыштуу бардык корреспонденциялар жана документтер Конкурстун катышуучуларынын Нускамасынын өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн тилде жазылууга тийиш;

2) Эгерде Конкурстук табыштамага башка тилдеги документтер тиркелсе (сертификаттардын көчүрмөлөрү, техникалык документация, рекламалык продукция ж.б.), анда мындай документтер ККНнын 1-параграфынын 8- пункттунда көрсөтүлгөн тилге күбөлөндүрүлгөн котормо менен коштолушу керек. Котормонун жоктугу конкурстук табыштаманы четке кагуу үчүн негиз болуп саналат.

9 . Конкурстук табыштамага кирүүчү документация:

1) конкурстук табыштама төмөнкү документтерди камтышы керек:

- конкурстук табыштаманын мөөр басылып, кол коюлган толтурулган формасын (7-главада берилген стандарттык формага ылайык);

- толтурулган «Баалардын таблицасы» (7-бөлүктө берилген стандарттык формага ылайык), өндүрүүчүнү, товарды өндүргөн өлкөнү жана аталышын, продукциянын бирдиги үчүн бааны жана коштомо кызмат көрсөтүүлөрдү, же жумушту жана кызмат көрсөтүүгө жана жалпы наркты көрсөтүү менен (өзүнчө «Баалар таблицасы» ар бир сунушталган лот боюнча толтурулат, эгерде Конкурстук документация менен алдын ала бир лоттон ашык каралган болсо);

- конкурстук табыштамага кол койгон жана конкурстун катышуучусунун атынан милдеттенме алууга анын ыйгарым укугун тастыктаган адамга берилген Конкурстук табыштамага кол коюу укугуна ишеним кат; эгерде Конкурстук табыштамага ишкананын жетекчиси тарабынан кол коюлса, анын ыйгарым укугун тастыктоочу негиздөөчү документтердин жана анын дайындалышы жөнүндө буйруктун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү берилет;

- «квалификациясы жөнүндө маалымат» тиркемелери менен толтурулган форманы (7-главада берилген стандарттык формага ылайык), ошондой эле ККНнын 1-параграфынын 3-бөлүгөндө каралган бардык маалыматты жана документтерди;

- ККНнын 14-пункту тарабынан талап кылынса “Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоо” же “конкурстук табыштамага кепилдик берүүчү Декларация”, эгерде жогоруда аталган бөлүк менен кепилдиктүү камсыздоо талап кылынбаса (7-главада берилген стандарттык формага ылайык);

- «Техникалык талаптар» главасында берилген толтурулган техникалык өзгөчөлүктөрдү кошкондо (сатып алуучунун талаптарынан четтеген бардык шылтоолорду жана четтөөлөрдү көрсөтүү менен), сунушталган товарлардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн конкурстук документациянын талаптарына ылайык келүүсүн тастыктоочу документтер, ККӨНдө көрсөтүлгөн сунушталган товарлардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн мүнөздөмөлөрүнүн деталдуу сыпатталышы ж.б. документтер;

- ККӨНгө ылайык конкурстун катышуучулары берүүгө тийиш болгон башка документтер;

2) Конкурстук табыштамада талап кылынган документтердин жок болушу конкурстук табыштаманы четке кагуу үчүн негиз болуп саналат.

10. Альтернативдүү сунуштар кабыл алынбайт. Катышуучулар өздөрүнүн конкурстук табыштамаларын конкурстук документациянын бардык талаптарын эске алуу менен берүүгө тийиш. Альтернативдүү сунуштар сунушталган баага карабастан четке кагылат.

11. Конкурстук табыштаманын баасы:

1) конкурстун катышуучусу тарабынан “Баалардын таблицасында” көрсөтүлгөн баалар, товарды дайындалган жерге жеткирүү, жумушту аткаруу жана кызмат көрсөтүүгө байланыштуу берүүчү/подрядчы тарабынан төлөнүүчү алымдарды жана жыйымдарды, салыктарды, бардык чыгашаларды, ошондой эле келишимде көрсөтүлгөн башка келишимдик милдеттенмелерди аткарууну камтышы керек;

2) конкурстун катышуучусу тарабынан сунушталган баалар, конкурстук табыштаманын иштөө жана келишимди аткаруу мөөнөтү аралыгында белгиленип жазылышы керек жана эч бир шартта өзгөртүлбөшү керек. Баалардын өзгөрүшүнө жол берген конкурстук табыштама, конкурстук документациянын негизги шарттарына жооп бербеген катары каралат жана ККНнын 24-пункттуна ылайык четке кагылат;

3) ККӨНдө көрсөтүлгөндөй, сатып алуулардын предмети өзүнчө лотторго бөлүнгөн учурда, катышуучулар өздөрүнүн конкурстук табыштамаларын бир же бир нече лотко бере алышат. Конкурстук табыштамаларды баалоо жана келишимди ыйгаруу ар бир лот боюнча өзүнчө аткарылат. Конкурстук табыштама бир нече лотко берилген учурда, конкурстун катышуучусу ар бир сунушталган лотко өзүнчө “Баалардын таблицасын” толтурушу керек жана ар бир лоттун жалпы наркын “Конкурстук табыштама” формасында көрсөтүшү керек.

12. Конкурстук табыштаманын валютасы жана төлөмдөр:

1) ККӨНдө башкасы айтылбаса, анда баалар Кыргыз сому (KGS) менен көрсөтүлүшү керек;

2) Сатып алуучу Келишим боюнча акы төлөөнү чет өлкөлүк валютанын суммасына эквиваленттүү улуттук валютада жүргүзүү белгиленсе, анда берүүчү/подрядчынын аткарган берүүлөрүнө акы төлөө,

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ача турган күнгө карата белгиленген тийиштүү валютанын расмий курсу боюнча кыргыз сомунда жүргүзүлөт.

13. Конкурстук табыштамалардын мөөнөтү:

1) Конкурстук табыштама, ККНнын 20.1 пунктуна ылайык жарактуу болот жана Конкурстук табыштамаларды ачуу күнүнөн баштап эсептелген, ККӨНдө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде өзгөртүлүшү же Катышуучу тарабынан чакыртып алынышы мүмкүн эмес. Иштөө мөөнөтү аз болгон Конкурстук табыштамалар четке кагылат;

2). Эгерде баалоо жана келишимге кол коюу ККНнын 13-пунктунун 1-пунктчасында сүйлөшүлгөн мөөнөттө аяктабаса, сатып алуучу алардын конкурстук табыштамаларынын иштөө мөөнөтүн белгилүү мөөнөткө узартууну конкурстун катышуучуларынан өтүнгөнгө укуктуу. Мындай өтүнүчтөр жана аларга жооптор жазуу жүзүндө берилүүгө тийиш. Конкурстун катышуучусу өзүнүн конкурстук табыштамасынын колдонуу мөөнөтүн узартуу өтүнүчүнө кепилдикти камсыз кылууну кайтаруу укугун жоготпостон каршы болушу мүмкүн. Өзүнүн конкурстук табыштамасынын мөөнөтүн узартууга макул болгон Конкурстун катышуучусу, ага кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укугу жок, жана конкурстук табыштаманын кепилдиктүү камсыз кылуусунун колдонуу мөөнөтүн тийиштүү мөөнөткө узартууга милдеттүү. Эгерде конкурстук табыштаманын кепилдиктүү камсыз кылуусу банктык кепилдик же аккеритив формасында берилген болсо, конкурстун катышуучусу мурда берилген кепилдикти узартуу жөнүндө банктын тастыктоосун (аккредитив), же конкурстук табыштаманын иштөө мөөнөтүн узартууну эске алуу менен конкурстук табыштаманын кепилдиктүү камсыз кылуунун жаңысын берүүсү керек.

14. Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылуу жана конкурстук табыштамага кепилдик берген Декларация:

1) Конкурстун катышуучусу ККӨНдө көрсөтүлгөн өлчөмдө жана формада конкурстук табыштаманын кепилдиктүү камсыз кылууну өзүнүн конкурстук табыштамасынын бир бөлүгү катары берүүгө тийиш (мындан ары текст боюнча – “Конкурстук табыштаманын кепилдиктүү камсыз кылуу”). “Конкурстук табыштаманын кепилдиктүү камсыз кылуу” ККӨНдө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде күчүндө калууга тийиш;

2) Кепилдиктүү камсыз кылууга же “Конкурстук табыштамага кепилдик берүүчү Декларацияга” ээ болбогон конкурстук табыштамалар (эгерде ККНдин 14-пунктунун 5-пунктчасы менен алдын ала каралган болсо), конкурстун документтеринин шарттарына жооп бербеген табыштама катары Сатып алуучу тарабынан четке кагылат;

3) Конкурстук табыштаманын кепилдиктүү камсыз кылуу төмөнкү учурларда сатып алуучу тарабынан кечиктирилет:

- ККНдин 13-пунктуна ылайык, конкурстук табыштама ачылгандан кийин жана анын иштөө мөөнөтү өткөнгө чейин ага өзгөртүү киргизген же кайра чакыртып алган учурда;

- ККНдин 32-пунктунун 2-пунктчасына ылайык, конкурстун катышуучусу анын табыштамасында каралган шарттарда келишимге кол коюудан баш тартса;

- ККНдин 32-пунктунун 4-пунктчасына ылайык, конкурстун катышуучусу “Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоону” берүүдөн баш тартса;

4) Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылуу конкурстун катышуучуларына, конкурстун жеңүүчүсү келишимге кол койгондон жана ал тарабынан “Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоо” берилгенден кийин үч жумуш күнүнөн кеч эмес убакытта, же болбосо кайсы учур биринчи келгенине карай, “Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылуунун” мөөнөтү өткөндөн кийин, ал берилген суммада жана валютада кайтарылат;

5) Сатып алуучу, ККӨНдө көрсөтүлгөндөй, “Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылууну” берүү жөнүндө талаптын ордуна, 7-главада берилген стандарттык формага ылайык, конкурстун катышуучулары тарабынан жазуу түрүндө “Конкурстук табыштамага кепилдик берүүчү декларация” берүү жөнүндө талапты белгилей алат. Катышуучулар бул декларацияны бузганда, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесине ылайык, мамлекеттик сатып алуулардан четтетилет жана ишенимсиз берүүчүлөрдүн жана подрядчылардын маалымат базасына киргизилет.

15. Конкурстук табыштаманы тариздөө жана кол коюу:

1) Эгерде ККНдин 16-пунктунун 1-пунктчасына ылайык, толтурулган формаларды сканерленген түрдө мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштыруу талап кылынса, анда бул формалар басылып чыгарылып, конкурстун катышуучусунун атынан конкурстук табыштамага кол коюуга бардык ыйгарым укугу бар адам (же адамдар) тарабынан жана кол коюлушу керек, ошондой эле конкурстун катышуучусунун мөөрү басылышы керек;

2) Конкурстук табыштамага кол коюуга ыйгарым укук, анын ыйгарым укугун жана дайындалышын тастыктаган документтердин (устав, жетекчинин дайындалышы жөнүндө жеке менчик ээсинин чечими) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү же ишеним кат менен тастыкталышы керек. Аталган документтер, ККНдин 16-пунктунун 1-пунктчасына ылайык, конкурстук табыштаманын курамында мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жүктөлүшү керек;

3) Конкурстук табыштаманын формаларында саптар арасында кошумча киргизүү, өчүрүү жана оңдоолор болбоого тийиш.

## § 4. Конкурстук табыштамаларды берүү

16.Конкурстук табыштамаларды берүү:

1) Конкурстук табыштама электрондук түрдө, тийиштүү формаларды толтуруу аркылуу мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталында http://zakupki.gov.kg дареги боюнча жана толтурулган формаларды жана тийиштүү документтерди мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталында көрсөтүлгөндөй сканерлеген түрдө жүктөө аркылуу берилет. Конкурстук сунуштарды электрондук түрдө берүү боюнча толук нускама мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталында берилген;

2) “Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылуунун” түп нускасын берүү боюнча кошумча талаптар ККНдин 14-пунктунун 6-пунктчасында баяндалган.

17. Конкурстук табыштама берүүнүн орду жана акыркы мөөнөтү:

1) Конкурстук табыштамалар ККӨНде көрсөтүлгөн мөөнөттө Сатып алуучу тарабынан алынууга тийиш;

2) Сатып алуучу, ККНдин 7-пунктунун 2-пунктчасына ылайык, катышуучуларга кабарлап, конкурстук документтацияларга өзгөртүүлөрдү киргизсе, анда конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтүн 10 калындардык күндөн кем эмес мөөнөткө жылдырууга тийиш. Бул учурда Сатып алуучунун жана Конкурстун катышуучусунун укуктары жана милдеттери конкурстук табыштаманы берүүнүн акыркы мөөнөтүн өзгөртүүнү эске алуу менен узартылат.

18. Белгиленген мөөнөттөн кийин алынган конкурстук табыштамалар:

1) ККНдин 17-пунктунда белгиленген конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү өткөндөн кийин, мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына конкурстук табыштамаларды жүктөө блоктолот. ККНдин 17-пунктунда белгиленген мөөнөттө мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына конкурстук табыштамаларды жүктөө аяктабаган конкурстук табыштамалар каралбайт.

19. Конкурстук табыштаманы өзгөртүү, алмаштыруу же кайра чакыртып алуу:

1) конкурстук табыштамаларды берүүнүн ККНдин 17-пунктунда белгиленген акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына аны бергенден кийин, конкурстун катышуучусу конкурстук табыштаманы өзгөртсө, алмаштырса же кайра чакыртса болот;

2) Конкурстук табыштаманы өзгөртүү, алмаштыруу же кайра чакыртып алуу мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталын пайдалануу менен, ККНдин 16-пунктуна ылайык аткарылат;

3) конкурстук табыштаманы берүүнүн акыркы мөөнөтү аяктагандан кийин конкурстук табыштаманы өзгөртүүгө, алмаштырууга же кайра чакыртып алууга жол берилбейт.

## § 5. Конкурстук табыштамаларды ачуу жана баалоо

20. Сатып алуучу тарабынан конкурстук табыштаманы ачуу:

1) мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталы, конкурстук табыштамаларды берүүнүн ККНдин 17-пунктунда белгиленген акыркы мөөнөтүнө чейин түшкөн бардык өзгөртүүлөрдү, алмаштырууну жана кайра чакыртып алууну эске алуу менен бардык конкурстук табыштамаларды ачууну камсыз кылат. Ачуу түздөн-түз ККНдин 17-пунктунда белгиленген конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү келгенден кийин жүргүзүлөт;

2. Конкурстук табыштамаларды ачуунун протоколу, ачкандан кийин бир жумуш күнү ичинде мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырылат.

21. Конфиденциалдуулукту сактоо жана Сатып алуучу менен байланышуу:

1) Конкурстук табыштамаларды карап чыгууга, баалоого жана салыштырууга тиешелүү маалыматтар, ошондой эле Келишимди ыйгаруу жөнүндө сунуштамалар, конкурстук жыйынтыгы жана Келишимди ыйгаруу жөнүндө билдирме Мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жарыяланмайынча жайылтылууга тийиш эмес.

Конкурстун жыйынтыгы жарыяланганга чейин жогоруда аталган маалымат конфиденциалдуу болуп саналат жана конкурстук табыштамаларды баалоо боюнча өздөрүнүн милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон көлөмдө, баалоо процессине расмий катышуучу адамдарга гана билдирилет;

2) Конкурстун катышуучулары, конкурстук табыштаманы түшүндүрүүгө байланыштуу сатып алуучунун суроо-талаптарына жооп берүүдөн тышкары, табыштамаларды ачуу учурунан баштап келишимди ыйгаруу учуруна чейин, конкурстун башка катышуучуларынын табыштамалары же өздөрүнүн конкурстук табыштамаларына байланыштуу кандайдыр бир маселелер боюнча сатып алуучулар менен байланышпоосу керек;

3) Конкурстук табыштаманын баалоого жана салыштырууга же Келишимди ыйгарууга байланыштуу Сатып алуучунун чечимине Конкурстун катышуучусу тарабынан таасир көрсөтүүчү ар кандай аракеттер ошол катышуучунун конкурстук табыштамасын четке кагууга алып келиши мүмкүн.

22. Конкурстук табыштамаларды түшүндүрүү:

1) Табыштамаларды баалоо учурунда Сатып алуучу уюм Катышуучудан анын конкурстук табыштамасы боюнча түшүндүрмө берүүнү суранышы мүмкүн. Түшүндүрмө жөнүндө суроо-талап мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталы аркылуу берилүүгө тийиш.

ККНдин 25-пунктуна ылайык, конкурстук табыштамаларды баалоодо сатып алуучу тарабынан табылган жана оңдолгон арифметикалык каталарды катышуучу тарабынан оңдоону тастыктоодон тышкары, конкурстук табыштаманын башка маанилүү шарттарын өзгөрүтүү же товарды, жумушту же кызмат көрсөтүүнө алмаштыруу, бааларды өзгөртүүгө байланыштуу башка иш-аракеттерге жана суроо-талаптарга жоопторго, суроо-талаптарга жол берилбейт. Конкурстун катышуучусунан ККНдин 23-пунктунда саналган жетишпеген документтерди же талап кылынбаган документтерди берүүнү суроого тыюу салынат.

23. Конкурстук табыштамалар менен алдын ала таанышып чыгуу:

1) Сатып алуучу толук баалоо жүргүзгөнгө чейин, конкурстук документацияларда айтылган көлөмдө жана талап кылынган номенклатурада товарды, жумушту же кызмат көрсөтүүнү берүүнү сунуштайт, тийиштүү түрдө кол коюлган бардык зарыл документтерди камтыйт, тариздөө боюнча талаптарды тастыктоо үчүн конкурстук табыштамаларды алдын ала баалоо жүргүзөт.

Бул этапта сатып алуучу төмөнкү талаптарга шайкеш келүүнү белгилейт:

-Мазмуну. Конкурстук табыштама стандарттык формаларды камтышы керек: «Конкурстук табыштама», «Баалардын таблицасы » (ар бир лот үчүн), «Квалификация жөнүндө маалымат», ошондой эле ККНдин 9-пункттунун талаптарына ылайык башка документтерди. Жогоруда саналган документтердин кайсы бири жок болгон учурда конкурстук табыштама четке кагылат;

-Тариздөө жана кол коюу. ККНдин 15-пункттунун талаптарына ылайык конкурстук табыштамага конкурстун катышуучусунун мөөрү басылып, кол коюлуп тариздeлиши керек. Кол койгон адамдын ыйгарым укуктарын документалдуу тастыктоо конкурстук табыштамада берилиши керек. Тариздөө жана кол коюу боюнча талаптарга шайкеш келбегендик конкурстук табыштаманы четке кагуу үчүн негиз болуп эсептелет;

-Толуктугу. Конкурстук табыштама өзүнчө лоттун алкагында конкурстук документация тарабынан талап кылынган товардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүнүн жана коштомо кызмат көрсөтүүнүн бардык аталыштарына көрсөтүлүүгө тийиш. Берүүнүн (саны) сунушталган көлөмү конкурстук документациялардын талаптарына жооп берүүгө тийиш. Конкурстук табыштама номенклатура жана/же саны боюнча шайкеш келбесе, четке кагылат;

-Укугу: сатып алуучу Келишимди аткаруу үчүн берүүчү/подрядчынын жана субподрядчынын, конкурстун катышуучусунун ККНдин 2-пункттунун талаптарына шайкеш келүүсүн текшерет жана бул пункттун талаптарына шайкеш келбеген катышуучунун конкурстук табыштамасын четке кагат;

- Квалификациялоонун алдында. Алдын ала квалификациялык тандоо жүргүзүлгөн учурда, квалификациялык тандоодон өткөн жана конкурстук табыштама берген учурда өзүнүн квалификациялоо алдындагы талаптарга шайкеш келүүсүн тастыктаган гана конкурстун катышуучулары каралат;

- Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоо. ККНдин 14-пункттуна ылайык, конкурстук табыштама “Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоо”, же “Конкурстук табыштаманы кепилдөөчү Декларация” менен чогуу берилиши керек. Формасы, өлчөмү жана мөөнөтү боюнча талаптарга ылайык келген “Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоо” (же, эгер кепилдиктүү камсыздоонун ордуна белгиленген формадагы “Конкурстук табыштаманы кепилдөөчү Декларация” алдын ала каралган болсо) жок конкурстук табыштама четке кагылат, эгер “Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоо” формасы сатып алуучу тарабынан акча каражаты катары көрсөтүлгөн болсо, анда акча каражаттары, ачуу күнүндө сатып алуучунун алыш-бериш эсебине түшүүгө тийиш;

2) Эгерде конкурстук табыштама ККНдин 23-пунктунун 1-пунктчасы менен белгиленген талаптарга жооп бербесе, ал сатып алуучу тарабынан четке кагылат жана аныкталган четтөөлөрдү жоюу аркылуу конкурстук документациялардын талаптарына ылайык келтирилбейт.

24. Конкурстук документациянын негизги талаптарына ылайык келүү:

1) Сатып алуучу ар бир Конкурстук табыштаманын Конкурстук документациянын негизги талаптарына ылайык келүүсүн белгилейт. Эгерде белгиленген бардык талаптарга ылайык келсе: берүүнүн квалификациялык талаптарын, көлөмүн, мөөнөтүн жана аткаруу ордун, ошондой эле олуттуу четтөөлөрсүз, алып салуусуз, каршылыксыз, шартсыз же эскертүүсүз "Техникалык талаптарга" ылайык келсе, Конкурстук табыштама Конкурстук документациянын негизги талаптарына жооп берет деп эсептелет.

Төмөнкү четтөөлөр, алып салуу, каршылык, шарт же эскертүү олуттуу деп табылат:

- көлөмүн чектейт, сатып алынуучу товарлардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүнүн, же коштомо кызмат көрсөтүүнүн сапатын же мүнөздөмөсүн начарлатат;

- келишимди ыйгаруу учурунда Сатып алуучунун укугун же Конкурстун катышуучусунун (подрядчынын) милдеттенмесин чектейт;

- Конкурстук табыштамаларды салыштырууга таасирин тийгизет, бул өзүнүн табыштамаларынын талаптарга толук ылайыктуулугу менен берген Конкурстун башка катышуучуларынын кызыкчылыгына зыян келтирет;

2) Эгер, конкурстук табыштама Конкурстук документациянын негизги талаптарына ылайык келбесе, анда ал сунушталган баага

карабастан Сатып алуучу тарабынан четке кагылат. Конкурстук табыштама Конкурстун катышуучусу тарабынан олуттуу четтөөлөрдү жоюу жолу менен өзгөртүлүүгө жана Конкурстук документациянын негизги талаптарына ылайык келтирилүүгө тийиш эмес.

25. Арифметикалык каталарды оңдоо:

1) ККНдин 24-пункттуна ылайык Конкурстук документациядагы негизги талаптарга жооп берет деп таанылган конкурстук табыштамалар, сатып алуучу тарабынан арифметикалык каталардын болушуна текшерилет. Ката табылган учурда, сатып алуучу каталарды төмөнкүдөй жол менен оңдойт:

- эгер, бирдик баасы менен бирдик баасын санга көбөйтүүдөн алынган жалпы баа ортосунда айырма чыкса, бирдик баа негиз катары алынат жана позициялар боюнча жыйынтык маани оңдолот;

- эгер, позициялар боюнча жалпы бааны кошуу аркылуу алынган айрым позициялар менен жалпы сумма боюнча жалпы баа ортосунда айырма чыкса, позиция боюнча жыйынтык маани артыкчылыкка ээ болот, ал эми жалпы сумма оңдолот;

- эгер, цифра менен жазуунун ортосунда айырма келип чыкса, 1-главанын 25-пункттунун 1-пунктчасынын экинчи жана үчүнчү абзацтарында көрсөтүлгөн арифметикалык каталардан тышкары жазылган суммага артыкчылык берилет;

2) Конкурстук табыштамада табылган арифметикалык каталар жогоруда баяндалган каталарды оңдоо тартибине ылайык Сатып алуучу тарабынан оңдолот жана Катышуучу үчүн милдеттүү болуп саналат. Эгер, Катышуучу ККНдин 25-пунктунун 1-пунктчасына ылайык жүргүзүлгөн оңдоолорду кабыл албаса, анын конкурстук табыштамасы четке кагылат жана "Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылуу" кечиктирилет.

26. Бирдиктүү валютага которуу:

1) ар кандай валютада чагылдырылган Конкурстук табыштамаларды салыштыруу үчүн, сатып алуучу, ККНдин 20-пункттунун 1-пунктчасына ылайык, конкурстук табыштамаларды ачуу датасына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген сатуунун алмашуу курсу боюнча конкурстук табыштамаларды Кыргыз сомуна конверциялайт.

27. Конкурстук табыштамаларды баалоо жана салыштыруу:

1) Сатып алуучу, ККНдин 24-пунктуна ылайык конкурстук документациялардын негизги талаптарына ылайык келет деп таанылган жана ККНдин 23-пунктуна ылайык алдын ала текшерүүдөн өткөн конкурстук табыштамаларды гана баалоону жана салыштырууну жүргүзөт. Конкурстук табыштамаларды салыштыруу, ККНдин 26-пункттуна ылайык бирдиктүү валютага которулгандан кийин, ККНдин 25-пункттуна ылайык арифметикалык каталарды оңдоону эске алуу менен жүргүзүлөт;

2) Сатып алуучу тарабынан конкурстук табыштаманы баалоодо табыштаманын баасынан тышкары бир же бир нече төмөнкү критерийлерди көңүлгө алууга болот:

- берилүүчү товарлардын сапаты, алардын техникалык спецификациянын талаптарына ылайык келиши;

- берүүлөрдүн графиги жана ишенимдүүлүгү;

- финансылык шарттар (авансык төлөмдүн жоктугу, төлөмдү узартып төлөө мүмкүндүгү);

- Берүүчү/подрядчынын сатуучунун талаптарын канааттандыруу жөндөмдүүлүгү (продукциянын чыгарылуучу көлөмдөрү, пайдаланылуучу жабдуулар,кампалардын болушу),

- берүүчү/подрядчынын жайгашуусу;

- коштомо сервис (квалификациялуу персоналдын болушу);

- товарларды дайындалган акыркы пунктка жеткирүү;

- сатып алуучунун өлкөсүндө сервистик жана/же техникалык кызмат көрсөтүүлөрдү берүү мүмкүнчүлүгү;

- конкурстун катышуучуларынын нускамасынын өзгөчө шарттарында жана/же Техникалык спецификацияларда көрсөтүлгөн башка конкреттүү критерийлер;

3) Эгерде Конкурстук табыштамада айрым позициялар көрсөтүлүп, бирок алардын баалары көрсөтүлбөсө, анда "Жумуштун көлөмүнүн жана чыгашалык материалдардын ведомостторунда" алдын ала каралган башка позицияларга киргизилген деп эсептелет.Тийиштүү түрдө, бааланбаган мындай иштер аларды аткарууда төлөнбөйт, ал эми бааланбаган материалдар жана жабдуулар тийиштүү иштердин наркына киргизилген деп эсептелет;

4) биринчи этапта конкурстук документацияда берүүчүлөргө (подрядчыларга) конкурстук табыштаманын баасын көрсөтпөстөн алардын сунуштарын камтыган алгачкы конкурстук табыштамаларды берүү сунушталат. Конкурстук документация сатып алуулардын предметинин техникалык, сапаттык же эксплуатациялык мүнөздөмөсүнөн, ошондой эле берүүлөрдүн келишимдик шарттарын жана берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) квалификациялык маалыматтарынан гана турууга тийиш;

5) Биринчи этапта сатып алуучу уюм, берүүчүлөрдүн (подрядчылардын) кандай гана болбосун аспектиси боюнча Мыйзамдын жоболоруна ылайык алгачкы конкурстук табыштамалары четке кагылбаган берүүчүлөр (подрядчылар) менен талкуу өткөрө алат. Эгерде сатып алуучу уюм кайсы бир берүүчү (подрядчы) менен өзүнчө же бирге талкуу өткөрсө, анда ал бардык берүүчүлөргө (подрядчыга) ошондой эле шартта талкууга катышуусун камсыз кылат. Эгерде бирге талкуулоо берүүчүнүн мыйзамдуу коммерциялык кызыкчылыгына, же ак ниеттүү атаандаштыкка

зыян келтире турган болсо, анда ар бир берүүчү (подрядчы) менен өзүнчө талкууга жол берилет;

6) биринчи этаптын жыйынтыгы боюнча протокол түзүлөт, анда эки этаптуу конкурстун биринчи этабын өткөрүү орду, датасы, убактысы, аталышы (юридикалык жак үчүн), аты-жөнү (жеке жак үчүн) жана ар бир катышуучунун дареги көрсөтүлөт;

7) Эгерде биринчи этаптын табыштамаларын берүү мөөнөтү аяктаган учурда, бир гана табыштама берилген болсо, же бир да табыштама берилген эмес болсо, эки этаптуу конкурс өткөн жок деп таанылат;

8) эки этаптуу конкурстун жол-жоболорунун экинчи этабында сатып алуучу уюм, биринчи этапта алгачкы конкурстук табыштамалары четке кагылбаган бардык берүүчүлөргө (подрядчыларга), сатып алуулардын алдын ала каралган шарттарын эске алуу менен бааларды көрсөтүү менен акыркы конкурстук табыштамаларын берүүнү сунуштайт;

9) сатып алуучу уюмга сатып алуунун предметин алмаштырууга жол берилбейт, бирок сатып алуунун предметин төмөнкүлөр аркылуу тактоого уруксаат берилет:

а) Мыйзамдын талаптарына жооп берген, кандай гана болбосун жаңы мүнөздөмөлөрдү кошууга жана сатып алуунун предметинин эксплуатациялык мүнөздөмөсүн же алгачкы көрсөтүлгөн техникалык, сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн кандай гана болбосун аспектисин алып салуу же өзгөртүү аркылуу;

б) Мыйзамдын талаптарына жооп берген жаңы критерийлерди кошкондо, эгерде бул критерийлер сатып алуунун предметинин техникалык, сапаттык же эксплуатациялык мүнөздөмөлөрүнө тийиштүү болсо, же конкурстук табыштамаларды кароо же баалоо үчүн алгачкы көрсөтүлгөн критерийди алып салуу же өзгөртүү аркылуу;

в) алып салуу, өзгөртүү же киргизүү жөнүндө маалымат берүүчү (подрядчы) тарабынан чакыруунун негизинде акыркы конкурстук табыштамада берилет

## § 6. Келишимди ыйгаруу

28. Келишимди ыйгаруу критерийлери:

1. Сатып алуучу тарабынан конкурстук табыштаманы баалоодо табыштаманын баасынан тышкары төмөнкү бир же бир нече критерийлерди эске алууга болот, эгер алар КӨНда көрсөтүлгөн учурда:

- укук ченемдүү;

- тажрыйба, чакыртып алуу;

- акыркы жылдарда зыяндын болбогондугу, жетиштүү финансылык каражаттардын болушу;

- аяктабаган курулуш объекттеринин болушу (даярдыгы 70%дан аз), ошол эле учурда аяктабаган объекттердин санын сатып алуучу уюм өз алдынча белгилейт;

- сунушталган товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты, колдонулуучу материалдардын техникалык өзгөчөлүктүн талаптарына шайкеш келүүсү;

- жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү берүү же көрсөтүү графиги;

- финансылык каражаттардын, финансылык шарттардын болушу (авансстык төлөмдүн жоктугу, төлөмдү узартуу мүмкүнчүлүгү);

- техниканын жана өндүрүштүк базалардын болушу;

- келишимди аткаруу үчүн тийиштүү адистердин же квалификациялуу кадрлардын болушу;

- негизги жана көмөкчү техникалык персоналдын болушу;

- КӨНда жана/же Техникалык өзгөчөлүктөрдө көрсөтүлгөн критерийлер.

29. Сатып алуучунун конкурсту четке кагуу же жокко чыгаруу укугу:

1) Сатып алуучу эгерде сатып алуу предеметин кийин сатып алууда зарылчылык болбосо келишим түзүлгөнгө чейинки ар кандай учурда мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жокко чыгарууга укуктуу. Ошол эле учурда Сатып алуучу жокко чыгаруу жөнүндө өз чечимин негиздөөгө жана/же катышуучуларга конкурска катышууга байланышкан чыгымдарды компенсациялоого милдеттүү эмес. Эгерде конкурс жокко чыгарылса, Сатып алуучу бир финансылык жылдын ичинде сатып алуулар жөнүндө кайрадан жарыялай албайт;

2) Сатып алуучу конкурстук табыштамаларды төмөнкү учурларда четке кагат:

- Конкурстун катышуучусу укук ченемдүү болуп саналбаса же ККНын 2-бөлүгүнө ылайык кызыкчылыктар кагылышына ээ болсо;

- Конкурстун катышуучусу ККНын 3-пунктунда белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык келбесе же карыздын суммасына көз каранды болбостон салыктарды төлөө жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна милдеттүү төлөм боюнча карызы болсо;

- Конкурстук табыштама ККНын 9-пунктунда талап кылынган, ККНын 15-пунктуна ылайык эмес таризделген документтерди камтыбаса;

- Конкурстун катышуучусу ККНын 14-пунктуна ылайык “Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоону” же “Конкурстук табыштаманы кепилдеген декларацияны” бербесе;

- Конкурстук табыштама ККНын 24-пунктуна ылайык Конкурстук документтердин негизги талаптарына ылайык келбесе;

- Сунушталган товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жана/же коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн мүнөздөмөсү

Конкурстук документтердин “Техникалык талаптарына” ылайык келбесе же ККНын 1-параграфынын 9-пунктунда талап кылынган товарлардын же материалдардын сапатын тастыктоочу документтер болбосо;

- Конкурстун катышуучусу ККНын 25-пунктуна ылайык анын Конкурстук табыштамасындагы арифметикалык каталарды ондоого макул болбосо;

3) Сатып алуучу төмөнкү учурларда конкурс өткөрүлгөн эмес деп тааныйт:

- бардык конкурстук табыштамалар четке кагылганда;

- конкурстук табыштаманын минималдуу баасы сатып алуучу уюм тарабынан бул сатып алууга бөлүнгөн суммадан ашса.

- жеңүүчүнүн конкурстук табыштамасын колдонуу мөөнөтү аяктаганда;

4) Сатып алуучу “Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылууну” кайтарып берүү боюнча милдеттенмелерди кошпогондо, алынган же бардык Конкурстук табыштамалар четтетилген же конкурс жокко чыгарылган учурда Конкурстун катышуучуларына карата эч кандай жоопкерчилик тартпайт.

5) Сатып алуучу Конкурсту жокко чыгаруу жөнүндө же Конкурсту өтпөй калды деп таануу жөнүндө катышуучуларга билдирет жана чечим кабыл алынгандан кийин 1 (бир) күндүн ичинде мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына маалыматты жарыялайт.

30. Сатуучунун көлөмдү өзгөртүү укугу:

1) Сатып алуучу сапаттын жана берүүчүнү (подрядчыны) тандоо үчүн негиз болуп саналган башка шарттар өзгөрбөгөн шартта мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө түзүлгөн келишимге өзгөртүү киргизүү укугун өзүнө калтырат, эгер мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө келишимди аткаруу процессинде сатылып алынган аналогдук товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө баалар азаюу жагына өзгөрсө тараптардын өз ара макулдашуусу менен товарларга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө жана келишимдин суммасына бааларды азайтууга жол берилет.

31. Келишимди ыйгаруу жөнүндө билдирүү:

1) Сатып алуучу келишимди ыйгаруу жөнүндө чечимди кабыл алгандан кийин бир (1) календардын күндүн ичинде конкурстун жеңген катышуучусунун аталышын, берилген табыштаманын предметин, баасын кошо өткөрүлгөн конкурс жөнүндө маалыматты мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына жайгаштырат;

2) Сатып алуучу натыйжаларды жарыялоо менен бирге веб-портал конкурстун жеңүүчүсүнө келишимди ыйгаруу жөнүндө билдирүүнү автоматтык түрдө жиберет;

3) Конкурстун жеңүүчүсү үч жумушчу күндүн ичинде аны жеңүүчү деп таануу жөнүндө блдирүүнү тастыктоого тийиш, жеңүүчү тарабынан белгиленген мөөнөттө тастыкталбаса Сатып алуучу “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин

3-бөлүгүнүн талаптарынын негизинде Ишенимсиз берүүчүлөрдүн/подрячылардын маалыматтар базасына киргизет;

4) Эгер конкурстун натыйжалары жарыялангандан кийин катышуучулардын айрымдары анын конкурстук табыштамасы жеңүүчү деп аныкталбагандыгы боюнча себептерди тактоону кааласа, ал сатып алуучуга жазуу жүзүндө суроо-талабын жиберүүгө тийиш. Сатып алуучу бир жумушчу күндүн ичинде анын конкурстук табыштамасын четтетүү себептерин көрсөтүү менен конкурстун катышуучусуна түшүндүрмөнү берет. Түшүндүрмө конкурстун түшүндүрмөнү сураган катышуучусунун конкурстук табыштамасы боюнча берилет, бирок башка катышуучулардын конкурстук табыштамалары ачылбайт же талкууланбайт.

32. Келишимге кол коюу жана Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоону берүү:

1) Сатып алуучу конкурстук документтерде берилген “Келишимдер”, “Келишимдин жалпы шарттары” жана “Келишимдин өзгөчө шарттары” стандарттык формаларына ылайык келишимди даярдайт. Кол коюуга жиберилген келишимде конкурстун жеңген катышуучусу сунуштаган баалар жана шарттар анын конкурстук табыштамасында чагылдырылат;

2) Конкурстун катышуучусу келишимди ыйгаруу жана келишимге кол коюу жөнүндө билдирүүнү алгандан кийин он (10) календардык күндүн ичинде кол коюлган келишимди сатып алуучуга кайтарууга милдеттүү;

3) Сатып алуучу мамлекеттик сатып алуулар веб-порталында конкурстун натыйжалары жарыяланган күндөн тартып он (10) күндүн ичинде келишимге кол коет. Келишим ККӨНда башка каралбаса тараптар ага кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет;

4) конкурстун катышуучусу сатып алуучуга кол коюлган келишим менен бирге ККӨНда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык “Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоону”, ошондой эле конкурстук документтерде каралган документтердин түп нускасын берүүгө тийиш. Ошондой эле конкурстун катышуучусу “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-1-беренесине ылайык демпингдик катары таанылган минималдуу баадан демпингдик баа берилген учурда келишимди аткарууну кошумча кепилдиктүү камсыздоону берүүгө тийиш;

5) Эгер конкурстун катышуучу ККНын 32-пунктунун 2-пунктчасынын талаптарына ылайык алар тарабынан кол коюган келишимди кайтарып бербесе же ККНын 32.4-пунктунун талаптарына ылайык “Келишимди аткаруунун кепилдиктүү камсыз кылууну” бербесе, анда ага Келишимди ыйгарууну жокко чыгаруу жана “Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылууну” токтотуу үчүн жетиштүү негиз болот. Мындай учурда Сатып алуучу конкурстун рейтинг боюнча

кийинки катышуучусуна келишимди ыйгарышы мүмкүн же жаңы конкурс жарыялайт.

33. Көмүскө бүтүм жана мажбурлоо:

1) Сатып алуучу катышуучулардан сатып алуу жол-жоболору жүрүп жатканда этиканын жогорку стандарттарын сактоону жана келишимдерди аткарууну талап кылат жана алар төмөнкү сыяктуу укук бузуучу аракеттерге аралашпоого тийиш:

- "көмүскө бүтүм" - конкурстун эки же андан көп катышуучуларынын, анын ичинде сатып алуучунун катышуусу менен алардын ортосундагы укук бузуучу жана мамлекеттик каражаттардын натыйжалуу жана үнөмдүү пайдаланууга, ошондой эле мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү процессиндеги ачык-айкындуулукка терс таасир тийгизген жашыруун келишүүнү билдирет;

- "мажбурлоо" – сатып алуулар процессине же келишимди аткарууга алардын катышуусуна таасир этүү үчүн адамдарга же алардын мүлкүнө зыян келтирүүнү же зыян (тикелей же кыйыр) келтирүү коркунучун билдирет;

- «обструкция» - иликтөө предмети болуп саналган материалдарды же маалыматтарды жок кылуу, фальсификациялоо, өзгөртүү же жашыруу же коррупцияга карата айыптоо боюнча иликтөөлөрдүн жүрүшүндө жалган көрсөтмөлөрдү берүү, алдамчылык, көмүскө бүтүм же мажбурлоо; жана/же иликтөөгө тийиштүү маселелер боюнча маалыматтын ачылышын алдын алуу же иликтөөгө, инспекцияга же аудитке жолтоо болуу максатында ар тараптан коркутуу, куугунтуктоо же коркутуу;

2) Эгер Келишимди ыйгарууга сунушталган конкурстун катышуучусу мыйзам менен күчүнө кирген соттук чечимине ылайык коррупция, алдамчылык жана көмүскө бүтүм боюнча жоопко тартылган же соттолгон болсо, Сатып алуучу анын табыштамасын четке кагууга тийиш жана/же түзүлгөн келишимди мыйзамда белгиленген тартипте бузууга жана Мамлекеттик сатып алуулар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине ылайык бул катышуучуну Ишенимсиз (ак ниетсиз) подрядчылардын маалыматтар базасына киргизүүнү демилгелөөгө тийиш.

2-тиркеме

## 2-глава. Конкурстун катышуучуларынын өзгөчө нускамасы (ККӨН)

Төмөндө келтирилген Конкурстун катышуучуларынын өзгөчө нускамасы (ККӨН) «Конкурстун катышуучуларынын нускамасын» (мындан ары текст боюнча «ККН») пункттун толуктайт жана өзгөртөт. ККӨНдө сатып алуучу

уюм (мындан ары текст боюнча «сатып алуучу») конкреттүү конкурска колдонулуучу маалыматтарды жана талаптарды көрсөтөт. ККН жана ККӨН ортосундагы карама-каршылыктар болгон учурда, ККӨН артыкчылыкка ээ болот, мындай учурларда ККӨНдө чагылдырылбаган ККНдин белгиленген талаптары сатып алуучунун белгиленген критерийлери болуп саналбайт.

| **ККНдин пунктунун номери** | **Конкурстун катышуучусунун өзгөчө нускамасы** |
|---|---|
| **ККН 1.1**<br><br>**ККН 6.1** | Сатып алуучунун аталышы: _____________ *[*сатып алуучу уюмдун аталышын көрсөткүлө*]*<br><br>Сатып алуучунун юридикалык дареги: _____________ *[*сатып алуучу уюмдун юридикалык дарегин көрсөткүлө*]*<br><br>Сатып алуучунун жооптуу кызматкери: ________________ [Конкурсту өткөрүүгө жооптуу кызматкердин аты-жөнүн жана кызматын көрсөткүлө]<br><br>Телефон: ________________ *[*Жооптуу кызматкердин *телефон номерин көрсөткүлө ]*<br><br>Электрондук почтанын дареги: ________________ [e-mail дарегин көрсөткүлө] |
| **ККН 1.1** | Конкурстун аталышы: ______________[сатып алуулардын жыл сайынкы планына ылайык конкурстун аталышын көрсөткүлө, мисалы: *«...( уюмдун аталышы) үчүн компьютердик жана кеңсе жабдууларын сатып алуу»]*<br><br>Конкурстун номери: ______________[ конкурстун номерин |

| | |
|---|---|
| | көрсөткүлө] |
| **ККН 1.1**<br><br>**ККН 11.3** | Сатып алуулар предметин түзүүчү айрым лоттордун аталышы жана номери: ___________<br><br>["бирдиктүү лот - колдонулбайт", же бир нече лот болгон учурда ар бир лоттун номерин жана атылышын көрсөткүлө, мисалы:<br>"№ 1 лот. *Компьютердик жабдуулар.*<br>№ 2 лот. *Кеңсе жабдуулары.”*<br>*Же*<br>*№1 Лот* Оорукананын жаңы имаратынын курулушу.<br>№ 2 лот. Оорукананын мурдагы имаратын кайра конструкциялоо". |
| **ККН 1.1** | Каржылоо булактары: ____________________ *[каржылоо булагын көрсөткүлө– КР мамлекеттик бюджети ж.б.*] |
| | |
| | |
| **ККН 3.3** | Финансылык иш жөнүндө отчеттордун көчүрмөсү конкурстук табыштаманы берерден мурдагы _________ жыл үчүн берилет .<br>*[ККӨНдин 3.4(а) пункттун эске алуу менен мезгилди көрсөткүлө (мисалы 2 жыл)]* |
| **ККН 3.3** | Төмөнкү кошумча маалыматты жана/же документти берүү талап кылынат: _____________________<br>*[зарыл болгон учурда жогоруда көрсөтүлгөн 3.3(а) – 3.3(л) пунктчаларынын талаптарына кошумча берилүүчү маалыматты жана документтерди көрсөткүлө, же «жок» деп көрсөткүлө]* |

| | |
|---|---|
| **ККН 3.4** | |
| **ККН 3.4** | Окшош товарларды берүүнү аткаруу, жумуш аткаруу жана кызмат көрсөтүү тажрыйбасы: _______ кем эмес, товарларды же жумушту, аткаруу же кызмат көрсөтүүнү берүүгө келишимдер ар бири ______________ суммага ________кем эмес сом.<br>*[окшош товарларды, жумушту жана кызмат көрсөтүүнү берүүгө аткарылган келишимдердин талап кылынган санын көрсөткүлө (i) (кандай товарлар окшош деп эсептелет), (ii) мындай келишимдердин минималдуу суммасы;*<br>*Эскертүү: мурунку 2-3жылда 1-2 келишим, же көпчүлүк учурда, мурунку 5 жылда 3 келишим .*<br>*Сатып алуулардын бюджети келишимдин суммасынан ашпашы керек, мисалы, сатып алуулардын болжолдуу бюджетинин 80% деңгээлинде көрсөтсөңөр болот (эгерде бир нече лот болсо –ар бир лот үчүн сумманы көрсөткүлө), кандай гана болбосун, сумма мындай сатып алууга алдын ала каралган бюджеттен ашпашы керек.*<br>*ККӨНдин 3.3(г) пунктуна ылайык, маалымат берилүүчү мезгилди эске алуу менен мезгилди белгилөө керек.]* |
| **ККН 3.4** | Финансылык ресурстардын болушу ________ сом өлчөмүндө.<br>*[берүүчү/подрядчыга төлөнүүчү авансты эске алуу менен, келишимди каржылоо үчүн жетиштүү сумманы көрсөтүңүз (сумма = бюджет – аванс)*<br>*Эскертүү: эгерде конкурстук документация менен бирден ашык лот алдын ала каралган болсо, ар бир лот боюнча талаптарды көрсөткүлө]* |
| **ККН 3.4** | Кошумча квалификациялык талаптар: ________________ |

| | |
|---|---|
| | *[«жок» деп белгилегиле, же КР "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, кошумча квалификациялык талаптарды санагыла»]* |
| **ККН 5.1** | Конкурстук документацияга киргизилген стандарттык формалардын тизмеси:<br><br>o *7.1.* Стандарттык форма "Конкурстук табыштама ";<br>o *7.2.* Стандарттык форма*: «Баалардын таблицасы»*<br>o *7.3.* Стандарттык форма*: «квалификациясы жөнүндө маалымат»*<br>o *7.4.1.* Стандарттык форма*: «Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоо» (банктык кепилдик)*<br>o *7.4.2.* Стандарттык форма*: «Конкурстук табыштаманы кепилдөөчү Декларация»*<br>o *7.5.* Стандарттык форма*: «Өндүрүүчүнү авторизациялоо»*<br>o *7.7.* Стандарттык форма*: «Келишим»*<br>o *7.8.* Стандарттык форма*: «Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоо»*<br>o *7.9.* Стандарттык форма*: «авансттык төлөмдүн банктык кепилдиги»* |
| **ККН 6.2** | Конкурстун алдындагы кеңешме каралган эмес.<br><br>[эгерде конкурстун алдындагы кеңешмени өткөрүү максатка ылайыктуу болсо, анда төмөнкүдөй кылып алмаштыргыла:<br>"Конкурстун алдындагы кеңешме саат___ ___ __________ 20__-жылы ___________________________________ дареги боюнча өткөрүлөт"<br>Эскертүү: конкурстун алдындагы кеңешменин күнү төмөнкүлөрдү эске алуу менен белгилениши керек:<br>- конкурстук документтерди алууга жана окуп чыгууга, |

| | |
|---|---|
| | конкурстун катышуучуларынын конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы күнүнө чейин 5 (беш) жумуш күндөн кеч эмес убакыты болушу керек.<br>Кеңешменин протоколу мамлекеттик сатып алуулардын Веб-порталына жарыяланышы керек (http://zakupki.gov.kg)<br>Жогоруда баяндалгандарды эске алып, конкурстун алдындагы кеңешмени конкурстук табыштамаларды берүү күнүнө чейин 1,5-2 жума мурда белгилөө керек]. |
| **ККН 8.1** | Конкурстук табыштаманын тили:___________<br><br>*[тилди белгилегиле (орус же кыргыз), Конкурстук документация түзүлгөн тилди көрсөтүү сунуш кылынат]* |
| **ККН 9.1** | Сунушталган товарды, жумушту жана кызмат көрсөтүүнүн *Конкурстук* документациянын талаптарына ылайык келерин тастыктоо үчүн берилген кошумча документтер: ________<br><br>*[Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен товарларга берилген документтердин тизмесин толуктагыла* |
| | |
| **ККН 10.1** | |
| **ККН 12.1** | Баалар кыргыз сому менен көрсөтүлүшү керек.<br>[эскертүү: аткаруу мөөнөтү узак болгон келишимдерди, мисалы бир жылдан узак созулган курулуш, бааны чет элдик валютада кароо сунушталат. Мындай учурда чечмелөөнү өзгөртүңүз жана төмөнкүдөй көрсөтүңүз:<br>"Баалар каалагандай валютда боло алат"] |

| | |
|---|---|
| **ККН 12.2** | Берүүчүгө/подрядчыга төлөм кыргыз сому менен жүргүзүлөт. |
| **ККН 13.1** | Конкурстук табыштаманын иштөө мөөнөтү: _____________ күн.<br><br>[талап кылынган иштөө мөөнөттү көрсөтүңүз *(мисалы, 30 дан 60 күнгө чейин)* бул мөөнөт табыштамаларды баалап жана келишим түзүү үчүн жетиштүү болушу керек] |
| **ККН 14.1**<br><br>**ККН 14.5** | Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылуунун өлчөмү: ______ сом (же ККНдин 20.1 пунктуна ылайык Конкурстук табыштамаларды ачуу күнүнө карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан белгиленген эркин конвентирленүүчү валютанын курсу боюнча эквиваленти).<br><br>[кепилдиктин суммасын көрсөтүңүз, бирок сатып алуулардын бюджетинин 2 (эки) пайызынан ашык эмес болсун. Эгерде Конкурстук документтерде бир нече лот көрсөтүлгөн болсо, ар бир лот боюнча кепилдиктин суммасын, же пайызды көрсөтүңүз]<br><br>Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылуунун формалары: 7-главада келтирилген стандарттык формага ылайык банктык кепилдик.<br><br>*[Эскертүү: сатып алуучу уюмдун ыктыяры боюнча, колдонуудагы мыйзамдарга жана “Сатып алуулар боюнча шайкеш келтирилген колдонмого” ылайык, кепилдиктүү камсыздоонун башка формаларын кошкула]*<br><br>«Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоо» конкурстук табыштаманын иштөө мөөнөтүнө ылайык келиши керек.<br><br>[Эскертүү: сатып алуучу уюмдун ыктыяры боюнча кепилдиктүү камсыз кылууну талап кылбай койсо болот |

| | |
|---|---|
| | *(мисалы, сарптоолорду кыскартуу жана берүүчү/подрядчылардын катышуусунун деңгээлин жогорулатуу үчүн)* жана анын "Конкурстук табыштаманы кепилдөөчү декларация" менен чектелсе болот. Мындай учурда жогоруда жазылгандарды өчүрүп, төмөнкүлөрдү көрсөтүңүз:<br>Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыз кылуу талап кылынбайт. Конкурстун катышуучусу кол коюлган "Конкурстук табыштаманы кепилдөөчү декларацияны" 7-главада берилген стандарттык формага ылайык бериши керек."] |
| **ККН 17.1** | Конкурстук табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү: саат ____ ____ мүнөт _____ _______________ 20 __ жыл.<br>[убактысын жана күнүн көрсөтүңүз, мисалы:саат 14 00 мүнөттө 2020-жылдын 1-апрелинде.<br>*Эскертүү: датасы, конкурска катышууга чакырууну мамлекеттик сатып алуулардын Веб-порталына жарыялагандан кийин 21 күндөн эрте болбошу керек]* |
| **ИУК 20.1** | Конкурстук табыштамаларды ачуунун орду: ________________<br>[ачуу жүргүзүлө турган даректи, кабатты жана кабинеттин номерин көрсөтүңүз].<br>Конкурстук табыштамаларды ачуу убактысы: саат____ ____ мүнөт ______ _______________ 20 __ жыл.<br>[убактысын жана күнүн көрсөтүңүз, мисалы:саат 14-00 мүнөттө 2020-жылдын 1-апрелинде.<br>Эскертүү: күнү жана убактысы ККНдин 17-пунктуна ылайык табыштамаларды берүүнүн акыркы мөөнөтү менен дал келиши керек. |
| **ККН 27.2.** | Конкурстук табыштамаларды баалоодо жана салыштырууда төмөндө көрсөтүлгөн критерийлер колдонулат, ал эми төмөндө көрсөтүлгөн методикага |

| | |
|---|---|
| | ылайык эсептелген тийиштүү түзөтүүлөр, ар бир конкурстук табыштаманын бааланган наркын аныктоодо эске алынат:<br><br>*[Эскертүү: төмөндө көрсөтүлгөн критерийлер мисал болуп саналат.Сатып алуучу уюм өз ыктыяры боюнча, эсептөө методикасын көрсөтүү менен Конкурстук документацияга бир же бир нече критерийлерди киргизүүнү чечет. Критерий, бул пунктта көрсөтүлгөн учурда гана колдонулушу мүмкүн. Тийиштүү түрдө, эгер сатып алуучу уюм Конкурстук документацияда баалоо критерийин көрсөткөн болсо, анда аны колдонуу милдеттүү болуп саналат.*<br><br>*Эгерде кошумча критерийлер колдонулбаса– «жок» деп белгилегиле жана төмөндө келтирилген критерийлердин мисалдарынын бардыгын өчүрүп салгыла. Эгерде колдонулса –колдонулуучу критерийлерди калтыргыла, же болбосо жаңысын түзгүлө, түзөтүүлөрдүн көлөмүн көрсөткүлө (%) же керексиз жокту өчүрүп салгыла.]*<br><br>*«(а) жеткирип берүү графиги.*<br><br>*Конкурстук табыштамаларды салыштыруу максатында, конкурстук документация менен алдын ала каралганга караганда жеткирип берүү же жумуш аткаруу же кызмат көрсөтүүнүн кыйла эрте мөөнөтүн сунуштаган табыштама, конкурстук документация менен алдын ала каралган графиктен алдыга озгон ар бир жума үчүн конкурстук табыштаманын наркынан ____ % өлчөмүндө преференция алат. Түзөтүү суммасы бааланган наркты аныктоо үчүн конкурстук табыштаманын баасынан кемитилиши керек.»*<br><br>*[Эскертүү: преференциянын өлчөмү, мисалы жумасына 1%, же графиктен алдыга озгон ар бир күн үчүн 0.1%, КЖШ 21.1 пунктунда көрсөтүлгөндөй жеткирип берүүнүн кечиктирүүсү үчүн колдонулуучу айыптык санкциялардын % ылайык келиши керек]*<br><br>*«(б) финансылык шарттар (бөлүп төлөө).*<br><br>*Конкурстун катышуучулары КЖШ жана КӨШтө* |

| | |
|---|---|
| | *көрсөтүлгөн төлөө шарттарын жана мөөнөтүн эсепке алуу менен өздөрүнүн конкурстук табыштамаларынын баасын көрсөтүшү керек. Муну менен катар, катышуучулар бөлүп төлөөнү сунуштай алышат жана мындай сунуш төмөндө көрсөтүлгөндөй, баалоо жүргүзүүдө эске алынат.*<br><br>*Эгерде катышуучу (берүүчү\Подрядчы) бөлүп төлөөнү _____ үч айдан кем эмес мөөнөткө [үч (3)ай ] сунуштаса, анда анын Конкурстук табыштамасы конкурстук табыштаманын наркынын ____ % өлчөмүндө преференция алат.*<br><br>*Эгерде катышуучу (берүүчү\Подрядчы) бөлүп төлөөнү _____ 6 айдан кем эмес [алты (6)ай] сунуштаса, анда анын Конкурстук табыштамасы конкурстук табыштаманын наркынын ____ % өлчөмүндө преференция алат.*<br><br>*Түзөтүү суммасы бааланган наркты аныктоо үчүн конкурстук табыштаманын баасынан кемитилиши керек.»*<br><br>*[Эскертүү: сатып алуучу уюм үчүн бөлүп төлөөнүн маанилүүлүгүн эске алуу менен преференция өлчөмүн көрсөткүлө мисалы, 5% 3 айлык бөлүп төлөө үчүн жана 10% 6 айлык бөлүп төлөө үчүн. Преференциянын өлчөмүн КЖШ 21.2 пунктунда көрсөтүлгөндөй, төлөмдү кечиктиргени үчүн колдонулуучу айыптык санкциялардын % ылайык келиши керек]*<br><br>*«(в) эксплуатациялык чыгашалар.*<br><br>*Конкурстун катышуучулары өздөрүнүн Конкурстук табыштамаларында төмөнкү ресурстарды пайдалануу чоңдугун көрсөтүшү керек: ___________ [пайдалануучу ресурстарды көрсөткүлө, отун, электроэнергия,суу ж.б.], эксплуатациялоо мезгилинде алардын наркы ___________ [эксплуатациялоо мезгилин көрсөткүлө, мисалы автомобиль үчүн 100 000 км., генератор үчүн 10 000 машино-саат, туздан арылтуу боюнча жабдуу үчүн 5 жыл ж.б. ] төмөнкү ресурстардын наркын колдонуу менен конкурстук сунуштарды баалоодо жана салыштырууда эске алынат: ____________ [пайдаланган ресурстардын* |

| | |
|---|---|
| | *бирдик наркын көрсөткүлө, мисалы 1л күйүүчү отун, 1 кВт/ч электроэнергия, 1м3суу ж.б.], ресурстарды пайдалануу параметрлери катышуучунун Конкурстук табыштамасынан алынат.»*<br><br>*[Эскертүү: пайдалануучу ресурстарды, алардын наркын, ошондой эле сатып алынуучу товарлардын мүнөзүн эске алуу менен болжолдуу пайдалануу мезгилин көрсөткүлө. Бул критерийди, жабдуунун алгачкы наркына салыштырмалуу болжолдуу түрдө пайдалануучу ресурстардын наркынан чоң болгон учурда гана пайдалангыла.]* |
| **ККН 30.1** | Сатып алынуучу товарлардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, же коштомо кызмат көрсөтүүлөрдүн санын азайтуунун жол берилген пайызы: ______ *пайыз.*<br><br>*[санды өзгөртүүгө жол берилген пайызды көрсөткүлө, бирок 10 % дан ашык эмес]* |
| **ККН 32.3** | Келишимдин күчүнө кирүүсүнүн өзгөчө шарттары: _______________<br><br>*[мамлекеттик бюджеттен каржылануучу бюджеттик мекемелердин келишимдери үчүн, көрсөткүлө:*<br><br>*«Келишим, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан катталган күндөн баштап күчүнө кирет»]* |
| **ККН 32.4** | Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоо ________ *[көрсөткүлө: «талап кылынат» же «талап кылынбайт»] КӨШ 4-пунктуна ылайык.* Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоо өлчөмү: келишимдин баасынын _______пайызы.<br><br>*[КӨШ 4.1. пунктунда көрсөтүлгөндөй маалыматка ылайык толтургула. Эскертүү: кепилдиктүү камсыздоо өлчөмү келишимдин баасынын 10%ынан ашпашы керек.]* |

№ 3 тиркеме

## 3-глава. Келишимдин жалпы шарттары (КЖШ)

**Келишимдин жалпы шарттары (КЖШ)**

1. Аныктама:

1) эгер контекстте башкача көрсөтүлбөсө бул Келишимде пайдаланылган терминдер төмөнкү мааниге ээ:

“Сатып алуучу” аталган КӨШда көрсөтүлгөн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алган уюмду билдирет;

“Берүүчү/Подрядчы” товарларды же коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдү берген же КӨШда көрсөтүлгөн бул Келишимдин алкагында жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү аткарган жеке же юридикалык жакты билдирет;

“Келишим” – Сатып алуучу менен Берүүчү/Подрядчынын ортосунда жетишилген жана бардык тиркемелер жана толуктоолор, ошондой эле келишимде шилтеме болгон бардык документтер менен тараптар тарабынан кол коюлган Келишимдин формасында катталган макулдашууну билдирет;

“Келишимдин баасы” – Келишимдин алкагында Берүүчү/Подрядчыга өзүнүн келишимдик милдеттенмелерин толук жана тийиштүү түрдө аткаргандыгы үчүн төлөнүүгө тийиш болгон, келишимдин формасында көрсөтүлгөн бааны билдирет;

«Товарлар» Берүүчү/Подрядчы келишимдин алкагында Сатып алуучуга берүүчү ар кандай түрдөгү жана баяндоодогу эмгек продуктусун, анын ичинде сырье, буюм, жабдуу жана башка катуу, суюк же газ абалындагы предметтерди, электр энергиясын билдирет;

«Коштоочу кызмат көрсөтүүлөр» товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүгө, анын ичинде ташууга жана камсыздандырууга байланышкан кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле мисалы техникалык көмөктөшүү, монтаж жана эксплуатацияга берүү, окутуу сыяктуу башка ар кандай коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдү жана келишимде каралган Берүүчү/Подрядчынын ушул сыяктуу башка милдеттерин билдирет;

“Жумуштардын көлөмүнүн жана чыгымдоо материалдарынын ведомосту” көлөмдөрдү, баа берүүлөрдү жана бааларды көрсөтүү менен жумуштардын түрлөрүнүн аталышынын, ошондой эле Конкурстук табыштаманын бөлүгү болуп саналган наркын көрсөтүү менен чыгаша материалдарынын жана белгилеринин аталышынын толтурулган таблицасын билдирет;

“Субподрядчы” Келишим боюнча участоктогу жумуштарды камтыган жумуштардын бир бөлүгүн аткарууга Подрядчы менен келишим түзгөн юридикалык жакты билдирет;

“Техникалык көзөмөл” – Заказчы тарабынан дайындалган жана аткарылган жумуштардын жана колдонулган материалдардын жана белгилердин сапатын контролдоону кошкондо объекттин курулушун

контролдоого жооп берген Подрядчыга берилген, Келишимдин өзгөчө шарттарында аныкталган, компетенттүү жакты билдирет;

“Объект” – Подрядчы Келишимдин шарттарына ылайык куруугa, белгилөөгө, аяктоого жана Заказчыга берүүгө тийиш болгон бардык нерселер;

“Участок” объектти куруу же жумуштарды аткаруу үчүн бөлүнгөн аймакты билдирет. Участоктун жайгашкан жери Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн.

“Подрядчынын конкурстук табыштамасы” – объектти куруу үчүн Порядчынын тандоосу боюнча өткөрүлгөн конкурстун алкагында Подрядчы тарабынан Заказчыга берилүүчү толтурулган документтерди билдирет;

“Келишимдин баасы” – Келишимдин алкагында Подрядчыга өзүнүн келишимдик милдеттенмелерин толук жана тийиштүү түрдө аткаргандыгы үчүн төлөнүүгө тийиш болгон сумманы билдирет;

“Жумуштарды баштоонун талап кылынган датасы” – Подрядчы объектти курууга киришүүгө тийиш болгон, Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн жумуштарды баштоонун акыркы мөөнөтүн билдирет. Бул дата жумуштарды аткаруу максаттары үчүн пайдаланууга участокту алган датага дал келүүгө тийиш эмес;

“Жумуштарды баштоо датасы” – жумуштардын иш жүзүндө башталган датасын билдирет;

«Жумуштарды аяктоонун талап кылынган датасы” – Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөндөй Подрядчы объектти аяктоого тийиш болгон датаны билдирет;

“Жумуштарды аяктоо датасы” – объектти аяктоонун иш жүзүндөгү датасын билдирет, ал жумушчу комиссия тарабынан объектти эксплуатацияга берүү актысында белгиленет же ремонт иштери болгон учурда Техникалык көзөмөл тарабынан күбөлөндүрүлгөн, Подрядчы тарабынан аткарылган жумуштардын акыркы актысынын датасын билдирет;

“Дефект” – Келишимдин шарттарын же объекттин ар кандай бөлүгүн бузуу менен, Келишимдин шарттарына ылайык аяктабаган же аткарылган жумуштардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн ар кандай бөлүгүн же товардын белгиленген техникалык талаптардан айырмаланган бөлүгүн билдирет;

“Дефекттер үчүн жоопкерчилик мезгили” – Подрядчы Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн бардык чала бүткөн нерселерди жана дефекттерди жоюуга милдеттүү болгон жана жумуштарды аяктоо датасынан баштап эсептелген мезгилди билдирет;

“Жоюлган дефекттерди кабыл алуу актысы” – Берүүчү/Подрядчы тарабынан дефекттер жоюлгандан кийин техкөзөмөлдүн же башка ыйгарым укуктуу адамдын жана Берүүчү/Подрядчынын катышуусу менен түзүлгөн кабыл алуу актысын билдирет;

“Чиймелер” - бардык эсептөөлөрдү, схемаларды, пландарды жана Келишимди аткаруу үчүн курулуш боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген же бекитилген башка маалыматты камтыйт;

“Жабдуулар” – Подрядчынын келишимдин шарттарын аткаруу үчүн машиналарын жана транспорт каражаттарын билдирет;

“Материалдар” - объектти курууда же оңдоодо Подрядчы тарабынан пайдаланылуучу чыгаша материалдарын кошкондо бардык жабдуу предметтерин билдирет;

«Техникалык талаптар» – келишимге киргизилген объектке карата өзгөчөлүктөрдү жана талаптарды, ошондой эле Заказчы тарабынан киргизилген же бекитилген ар кандай өзгөртүүлөрдү же толуктоолорду билдирет;

“Убактылуу объекттер” - объекттерди куруу жана аяктоо үчүн зарыл болгон, Подрядчы тарабынан долбоорлонгон, курулган, орнотулган жана демонтирленген объекттерди билдирет;

“Третей соту” - соттук талаш-тартыштарды биринчи инстацияда чечүү үчүн Заказчы жана Подрядчы тарабынан бирге дайындалган органды билдирет;

“Күн” – башка көрсөтүлбөсө календардык күндү билдирет;

«КЖШ» бул главада камтылган “Келишимдин жалпы шарттарын” билдирет;

«КӨШ» - “Келишимдин өзгөчө шарттарын” билдирет;

«Дайындалган жер» Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн жерди же жерлерди билдирет;

2. Колдонуу:

1) бул “Келишимдин жалпы шарттары” келишимдин башка бөлүмдөрү аларга карата басымдуу мүнөзгө ээ болбогон учурда колдонулат.

3. Келишимдин документтери:

1) Келишимди түзүүчү документтер төмөнкүлөр:

келишим;

Берүүчү/Подрядчынын конкурстук табыштамасы;

Келишимдин жалпы шарттары;

Келишимдин өзгөчө шарттары;

техникалык өзгөчөлүктөр жана чиймелер;

жумуштардын көлөмүнүн ведомосту (жумуштагы);

баалардын тизмеси же кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси;

бул шарттарда айтылган ар кандай башка документ.

4. Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыз кылуу:

1) Жеңип чыккан конкурстун катышуучусу келишимди ыйгаруу жөнүндө билдирүүнү алгандан кийин он (10) календардык күндүн ичинде Сатып алуучуга Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыз кылууну берет, анын өлчөмү жана формасы Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн;

2) Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыз кылуу каражаты аткарбоонун, ошондой эле келишим боюнча Берүүчү/Подрячы тарабынан өз милдеттенмелерин өз убагында эмес же толук эмес аткаруунун натыйжасында пайда болуучу ар кандай зыян үчүн компенсация катары Сатып алуучуга төлөнүүгө тийиш;

3) Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыз кылуу эгер Келишимдин өзгөчө шарттарында башка каралбаса, бардык кепилдик милдеттенмелерди кошкондо Келишим боюнча Берүүчү/Подрядчы өз милдеттерин аяктаган датадан кийин үч (3) күндө Берүүчү/Подрядчыга кайтарылууга тийиш.

5. Стандарттар:

1) Бул келишимдин алкагында берилген жумуштарда же кызмат көрсөтүүлөрдө пайдаланылган товарлар же материалдар “Техникалык талаптарда” көрсөтүлгөн стандарттарга жооп берүүгө жана Кыргыз Республикасынын тийиштүү техникалык регламенттерине же мыйзамдарда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасы тарабынан таанылган сапаттын эл аралык стандарттарына шайкеш келүүгө тийиш.

6. Келишимдин документтерин жана маалыматтарын пайдалануу:

1) Берүүчү/Подрядчы Сатып алуучунун алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугу болбостон Келишимдин мазмунун же анын кандайдыр бир тиркемелерин, ошондой эле Сатып алуучу тарабынан берилген же жогоруда баяндалгандарга байланыштуу анын атынан бул Келишимди аткаруу үчүн Берүүчү/Подрядчы тарабынан ишке тартылган пресоналдан тышкары үчүнчү жактарга техникалык документтерди, чиймелерди, үлгүлөрдү же маалыматтарды бербөөгө тийиш. Аталган маалымат бул персоналга жашыруун түрдө келишимдин милдеттенмелерди аткаруу үчүн зарыл болгондой берилүүгө тийиш. Бул чектөөлөр жарыялануучу же башка булактардан алынуучу маалыматтарга колдонулбайт;

2) Берүүчү/Подрядчы Сатып алуучунун алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугу болбостон бул Келишимди ишке ашыруудан айырмаланган максаттар үчүн жогоруда Келишимдин өзгөчө шарттарынын 6-пунктунун 1-пунктчасында саналган кандайдыр бир документтерди же маалыматтарды пайдаланбоого тийиш;

3) Келишимден тышкары жогоруда Келишимдин өзгөчө шарттарынын 6-пунктунун 1-пунктчасында саналган бардык документтер Сатып алуучунун менчигинде калат жана Берүүчү/Подрядчы тарабынан келишим аткарылгандан кийин анын талабы боюнча ага кайтарылууга тийиш (бардык көчүрмөлөрү менен).

7. Жумуштардагы техкөзөмөл:

1) Техкөзөмөл Заказчынын кызыкчылыгын коргоо менен Заказчы менен Подрядчынын ортосундагы келишимдик мамилелерди аткаруу үчүн контролдоону жүргүзөт. Техкөзөмөл өз компетенциясынын чегинде чечим кабыл алат, Подрядчынын аткаруусу үчүн милдеттүү болгон буйруктарды жана көрсөтмөлөрдү бере алат;

2) Подрядчы Техкөзөмөлгө жана Техкөзөмөл тарабынан ыйгарым укук берилген ар кандай башка жакка жумуштар жүрүп жаткан же Келишимге ылайык мындай жумуштарды аткаруу болжолдонгон участокко же башка ар кандай жерлерге кирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

3) Подрядчы Техкөзөмөлгө жумуштардын сапатына терс таасир тийгизүүсү, Келишимдин баасын көбөйтүүсү же объекттин курулушу боюнча жумуштардын аткарылышынын кечиктирүүсү мүмкүн болгон окуялар же кырдаалдар жөнүндө билдирет. Техкөзөмөл Подрядчыдан келишимдин баасына жана жумуштарды аяктоо датасына кезектеги окуялардын же кырдаалдардын болжолдуу таасирин баалоону берүүсүн талап кылышы мүмкүн. Подрядчы мүмкүн болушунча максималдуу кыска мөөнөттө баалоону берүүгө тийиш;

4) Эгер Техкөзөмөл Подрядчыга жумушту же конструкцияны текшерүү үчүн конкурстук документтерде каралбаган изилдөөнү жүргүзүүгө көрсөтмө берсе Подрядчы бул көрсөтмөнү аткарууга милдеттүү. Эгер текшерүүдөн кийин текшерилген жумушта же конструкцияда дефект табылса, жүргүзүлгөн бул текшерүүлөргө акы Подрядчы тарабынан төлөнөт. Эгер дефект табылбаса, бул текшерүүлөргө акы Подрядчыга наряд-заказ түрүндө Сатып алуучу тарабынан төлөнөт;

5) Подрядчы Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулган ченемдик документтерге ылайык каражаттар, методдор, техника, курулуш опреацияларынын ырааттуулугу жана сапаты, ошондой эле келишим боюнча жумуштун бардык бөлүктөрүн координациялоо үчүн толук жоопкерчиликтүү болот жана контролдойт;

6) Подрядчы өз жумушчуларынын жана субподрядчылардын аракети жана каталары үчүн Сатып алуучунун алдында жоопкерчилик тартат;

7) Техкөзөмөл Подрядчыга дефекттерди жоюу мөөнөтүн көрсөтүү менен табылган ар кандай дефекттер жөнүндө жазуу жүзүндө билдирет;

8) Техкөзөмөл Подрядчыга жумуштар аяктагандан күндөн тартып башталуучу дефекттерди жоюу мезгилинин аягына чейин ар кандай дефекттер жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү жана ырааттуулугу Келишимдин өзгөчө шарттарында аныкталат;

9) Подрядчы дефекттер жөнүндө ар бир билдирүүнү алгандан кийин Техкөзөмөлдүн билдирүүсүндө көрсөтүлгөн мөөнөттө аталган дефектти жоюуга милдеттүү. Эгер Подрядчы билдирүүдө көрсөтүлгөн мөөнөттө дефектти жойбогон учурда Техкөзөмөл дефектти жоюу чыгымдарын баалайт, ал эми Подрядчы мындай чыгымдардын наркын төлөөгө тийиш.

8. Кадрлар:

1) Келишимди аткарууда Подрядчы “Квалификация жөнүндө маалыматтарда” көрсөтүлгөн жумушчуларды гана жалдайт. Бул адамдарды башкаларга алмаштырууда Подрядчы Сатып алуучунун мындай алмаштырууга макулдугун алууга тийиш. Жаңы жумушчулардын

квалификациясы “Квалификация жөнүндө маалыматтарда” саналган жумушчулардын квалификациясына тең же жогору болууга тийиш.

9. Техникалык шарттар жана стандарттар, контролдоо жана сыноо:

1) Техникалык шарттар жана стандарттар:

- бул Келишим боюнча берилген товарлар жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөр “Техникалык талаптарда” каралган техникалык шарттарга жана стандарттарга жооп берүүгө жана Кыргыз Республикасынын тийиштүү техникалык регламенттерине жана Кыргыз Республикасы тарабынан мыйзамдарда белгиленген тартипте таанылган сапаттын эл аралык стандарттарына шайкеш келүүгө тийиш.

- Келишимде аларга ылайык аткарылган ченемдерге жана стандарттарга шилтеме берилген бардык учурларда Келишимди аткаруу учурунда ченемдерди жана стандарттарды ар кандай өзгөртүү Сатып алуучунун жазуу жүзүндөгү макулдугунан кийин гана 19-пункттун 1-пунктчасына ылайык киргизилет;

2) Сатып алуучу же анын өкүлдөрү “Техникалык талаптарга” жана Келишимдин башка шарттарына алардын шайкештигин тастыктоо үчүн товарларды жана/же кызмат көрсөтүүлөрдү текшерүүгө жана/же сыноого укуктуу. “Келишимдин өзгөчө шарттарында” жана/же “Техникалык талаптарда” Сатып алуучуга кандай текшерүүлөр жана сыноолор зарыл экендиги жана алар кайда өткөрүлүүгө тийиш экендиги көрсөтүлгөн. Сатып алуучу өз убагында Берүүчү/Подрячыга бул максаттар үчүн дайындалган ар кандай өкүлдөр жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен жазуу жүзүндө билдирүү жиберүүгө тийиш:

- жогоруда аталган текшерүүлөр жана сыноолор Сатып алуучу тарабынан төлөнөт. Товарларды жибергенге чейин текшерүүлөрдү жана сыноолорду жүргүзүү зарыл болгон учурда мындай товарлардын сапатын текшерүүнү жана контролдоону канааттандырылган түрдө жүргүзүлгөндүгү жөнүндө отчет берилгенге чейин жиберилбөөгө тийиш. Эгер текшерүү Берүүчү/Подрядчынын аянтында жүргүзүлсө Сатып алуучуга же анын өкүлдөрүнө Сатып алуучу тарабынан кандайдыр бир кошумча чыгымдар болбостон чиймелерди жана өндүрүштүк маалыматты алуу мүмкүнчүлүгүн берүүнү кошкондо бардык зарыл болгон каражаттар берилет жана көмөк көрсөтүлөт;

- Берүүчү/Подрядчы жиберүүгө даяр товардын партиясынын сапатын көз карандысыз текшерүүгө укуктуу. Мындай текшерүүлөргө байланышкан чыгымдар Берүүчү/Подрядчыга жүктөлөт;

- акыркы дайындоо пунктунда товарларды алгандан кийин Сатып алуучунун өкүлү алардын Келишимдин шарттарына шайкештигин жана тышкы көрүнүшү канааттандыраарлык абалда экендигине ишенүү үчүн бардык товарларды жана алардын бөлүктөрүн текшерет. Сатып алуучу мындай товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү (же товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бөлүктөрү) кабыл алуу-берүү актысын Берүүчү/Подрядчыга берүүгө тийиш. Кабыл

алуу-берүү акты акыркы дыйындоо пунктунда товарларды же товардын бөлүктөрүн алган күндөн тартып беш (5) календардык күндүн ичинде берилет;

- эгерде Келишимде коштоочу кызмат көрсөтүүлөр каралбаса Сатып алуучунун өкүлү берилген кызмат көрсөтүүлөрдүн Келишимдин шарттарына шайкештигине ишенүү үчүн текшерүүнү жүргүзөт жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алуу актысын Берүүчү/Подрячыга берет. Кабыл алуу-берүү акты коштоочу кызмат көрсөтүүлөр берилгенден кийин беш (5) календардык күндүн ичинде берилет;

2) Эгер текшерүүдө жана/же сыноодо товарлардын "Техникалык талаптарга" же Келишимдин башка жоболоруна шайкеш болбогондугу аныкталса, Сатып алуучу мындай товарлардан баш тарта алат. Бул учурда Берүүчү/Подрядчы Сатып алуучу тарабынан кандайдыр бир кошумча чыгымдар болбостон товарларды кечиктирбестен алмаштырууга милдеттүү;

3) Текшерүүнү жана/же сыноону жүргүзүү, ошондой эле Сатып алуучу тарабынан товарларды кабыл алуу Берүүчү/Подрядчыны Келишим боюнча кепилденген же башка милдеттенмелерден бошотпойт.

10. Таңгак:

1) Берүүчү/Подрядчы Келишимде көрсөтүлгөн дайындалган акыркы пунктка чейин жерге чейин ташуу учурунда алардын бузулуусун же бүлүнүүсүн алдын алуу үчүн товарларды таңгактоону камсыздоого тийиш. Таңгак ташуу процессинде кандайдыр бир чектөөлөрсүз интенсивдүү жүктөө-түшүрүү иштеринде, ошондой эле ташуу процессинде жана ачыкта сактоодо экстремалдык температуранын, туздун жана жаан-чачындын таасирине чыдамдуу болууга тийиш. Мүмкүнчүлүккө жараша габариттерди жана таңгактоо ящиктеринин салмагын аныктоодо товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн дайындалган акыркы пунктунун алыстыгын жана товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү коштоонун бардык пункттарында кубаттуу жүк ташуучу каражаттардын болбогондугун эске алуу зарыл;

2) Ящиктерди таңгактоо жана маркалоо, ошондой эле таңгактын ичине салынган жана өзүнчө тиркелген документтер "Келишимдин өзгөчө шарттарында" жана/же "Техникалык талаптарда", ошондой эле Сатып алуучунун кийинки бардык колдонмолорунда каралган кошумча талаптарды кошкондо Келишимде каралган атайын талаптарга шайкеш болууга тийиш.

11. Берүү жана документтер:

1) Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүү Берүүчү/Подрядчы тарабынан INCOTERMS колдонуудагы басылмасына ылайык жүргүзүлөт. Камсыздандыруу жана сактоо, салыктарга, импорттук алымдарга жана жыйымдарга байланышкан бардык төлөмдөрдү кошкондо талап кылынган дайындалган пунктка чейин ташуу Берүүчү/Подрядчы тарабынан жүргүзүлөт, ал эми тийиштүү чыгымдар Келишимдин баасына

киргизилген деп эсептелет. Эгер “Келишимдин өзгөчө шарттарында” башка белгиленбесе, дайындалган акыркы пункт, көлөм, мөөнөттөр жана берүүгө карата башка талаптар “Сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси” тиркемесине шайкеш келүүгө тийиш;

2) Берүүчү/Подрядчы тарабынан берилүүгө тийиш болгон документтер “Келишимдин өзгөчө шарттарында” көрсөтүлгөн.

12. Камсыздандыруу:

1) Келишимге ылайык берилген товарлар “Келишимдин өзгөчө шарттарында” көрсөтүлгөн өлчөмдө даярдоого, сатып алууга, ташууга, сактоого жана жеткирүүгө байланышкан жоготуудан же бузулуудан камсыздандырылууга тийиш;

2) Камсыздандыруу келишимдерин түзүү жана буга байланышкан чыгымдар Берүүчү/Подрядчыга жүктөлөт.

13. Коштоочу кызмат көрсөтүүлөр:

1) Берүүчү/Подрядчы “Келишимдин өзгөчө шарттарында” жана/же “Сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жана коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесинин” тиркемелеринде көрсөтүлгөн көлөмдө жана мөөнөттөрдө Келишимде каралган коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдү берүүгө тийиш.

14. Кепилдик:

1) Берүүчү/Подрядчы Келишимде башка каралбаса, товарлардын жаңы болгондугуна, мурда пайдаланылбагандыгына, конструкциялардын жана материалдардын бардык акыркы модификацияларын чагылдырган жаңы же сериялык моделде болушуна кепилдик берет. Ошондой эле Берүүчү/Подрядчы да товарлар Берүүчү/Подрядчы тарабынан кандайдыр бир катага же конструкцияга, материалга же дайындалган акыркы өлкө үчүн кадыресе шарттарда нормалдуу пайдаланууда даярдоо сапатына байланыштуу дефекттердин болбогондугуна кепилдик берет;

2) Эгер “Келишимдин өзгөчө шарттарында” башка аныкталбаса Сатып алуучу келишимдик милдеттенмелерди аткаруудан кийин он эки (12) айдын ичинде жогоруда аталган кепилдиктин алкагында претензияларын билдирүүгө укуктуу. Сатып алуучу Берүүчү/Подрядчыга дефекттер табылгандан кийин кечиктирбестен аларды тастыктоо менен бардык дефекттер жөнүндө билдирүүгө милдеттүү. Сатып алуучу Берүүчү/Подрядчынын мындай дефекттерди инспекциялоосу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө тийиш;

3) Сатып алуучунун жазуу жүзүндөгү билдирүүсүн алгандан кийин Берүүчү/Подрядчы мүмкүн болушунча эрте, отуз (30) күндөн же “Келишимдин өзгөчө шарттарында” белгиленген башка мөөнөттөн кечиктирбестен Сатып алуучу тарабынан кандайдыр бир чыгымдар болбостон дефекттүү товарларды оңдоого же алмаштырууга тийиш. Алмаштырылган товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр

берилгенден кийин Берүүчү/Подрядчы дефекттүү товарларды өз жоопкерчилигине жана өз эсебинен алууга укуктуу;

4) эгер 14-пункттун 2-пунктчасына ылайык дефект жөнүндө билдирүүнү алгандан кийин Берүүчү/Подрядчы 14-пункттун 3-пунктчасында белгиленген мөөнөттө дефекттүү товарларды алмаштырбаса Сатып алуучу убакыттын негизделген мезгили аяктаганда Берүүчү/Подрядчынын жоопкерчилигинде жана анын эсебинен жана Берүүчү/Подрядчыга карата контракт боюнча Сатып алуучу ээ болгон башка ар кандай укуктарга кандайдыр бир зыян келтирбестен дефектти жоюу үчүн зарыл аракеттерди көрө алат.

15. Салыктар жана алымдар:

1) Берүүчү/Подрядчы каттоо өлкөсүнө карабастан бардык салыктар, алымдар, лицензиялык жыйымдар жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө үчүн толук жоопкерчилик тартат. Мындай салыктар, алымдар, лицензиялык жыйымдар жана башка милдеттүү төлөмдөр Келишимдин баасына киргизилген деп эсептелет.

16. Мыйзамдарды өзгөртүү:

1) Эгер Келишимге кол колган датадан кийин Кыргыз Республикасынын салыктарга, жыйымдарга, алымдарга же милдеттүү төлөмдөргө тиешелүү колдонуудагы мыйзамдарына кандайдыр бир өзгөртүүлөр киргизилсе, бул Берүүчү/Подрядчы тарабынан берилүүчү товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын көбөйтүүгө же азайтууга алып келсе, мыйзамдардын өзгөрүүсүнө жараша товарларлардын же коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдүн баасына жана Келишимдин баасына тийиштүү оңдоолор киргизилүүгө тийиш.

17. Баалар жана төлөмдөр:

1) Келишимде белгиленген баалар Берүүчү/Подрядчынын конкурстук табыштамасында көрсөтүлгөн баалардан айырмаланбоого тийиш. Баалар белгиленген болот жана Келишимди колдонуу мөөнөтү ичинде өзгөрбөйт;

2) Бул Келишим боюнча Берүүчү/Подрядчыга төлөмдөрдү төлөө ыкмасы, шарттары жана мөөнөттөрү “Келишимдин өзгөчө шарттарында” көрсөтүлүүгө тийиш. Эгер “Келишимдин өзгөчө шарттарында” башка белгиленбесе төлөмдөр Берүүчү/Подрядчынын жеке эсебине банктык которуу аркылуу төлөнөт;

3) Эгер “Келишимдин өзгөчө шарттарында” Берүүчү/Подрядчыга аванс төлөө каралса, анда Сатып алуучу мындай аванстык төлөмдү аванстын суммасына жана аванстык төлөмдүн банктык кепилдигине Берүүчү/Подрядчыга берүү шартында Подрядчы тарабынан банктык кепилдик берилген шартта Сатып алуучуга ылайыктуу формада төлөйт. Кепилдик Берүүчү/Подрядчы тарабынан келишимди аткаруу боюнча өз милдеттенмелери толук аткарылганга чейин күчүндө калат. Аванстык төлөмдүн берилген банктык кепилдигин колдонуу мөөнөтү товарларды,

жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн талап кылынган мөөнөтүнөн  отуз (30) күндөн ашпоого тийиш жана кандайдыр бир кечигүүлөр болгондо узартылууга тийиш. Берүүчү/Подрядчы аванстык төлөмдү товарларды жана Келишимди аткарууга байланышкан башка чыгымдарды төлөө үчүн гана колдонууга тийиш. Аванстык төлөм Подрядчыга тийиштүү болгон аткарылган иштердин актысына пропорциялык сумманы кармоо менен тындырылат, аванстык төлөм же аны тындыруу аткарылган иштердин наркын баалоодо эске алынбайт;

4) Төлөмдөр эгер “Келишимдин өзгөчө шарттарында” башка белгиленбесе Келишимдин баасы көрсөтүлгөн валютада (же валюталарда) жүргүзүлүүгө тийиш. Эгер Келишимдин баасы кыргыз сомунан айырмаланган валютада көрсөтүлсө, анда Кыргыз Республикасынын резиденти болуп саналган Берүүчү/Подрядчыга  төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан төлөм датасына карата белгиленген тийиштүү чет өлкөлүк валютанын расмий курсу боюнча төлөнүүгө тийиш;

5) Конкурстук табыштаманын курамындагы жумуштардын көлөмүнүн ведомосту Келишимдин наркын эсептөө жана төлөө үчүн пайдаланылат. Подрядчы жумуштардын аткарылган көлөмү үчүн акыны баалоо жана баа, Жумуштун ар бир түрүнө жумуштардын көлөмүнүн ведомостунда көрсөтүлгөн чыгаша материалдарынын наркы боюнча алат.

18. Укуктарды жана милдеттенмелерди өткөрүп берүү:

1) Берүүчү\Подрядчынын бул Келишим боюнча өз укуктарын же милдеттенмелерин үчүнчү жакка толук же жарым-жартылай өткөрүп берүүгө укугу жок.

19. Өзгөртүүлөрдү киргизүү:

1) Келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө Сатып алуучу жана Берүүчү\Подрядчынын ортосунда эгер бул өзгөрүүлөр конкурсту өткөрүүдө тандоо критерийлери болбосо Келишимге кошумча макулдашууга кол коюу менен гана жол берилет;

2) Жумуштардын көлөмүн өзгөртүү жана аларды төлөө;

3) Каралган Мыйзамда Сатып алуучу кандайдыр бир жумуштардын же өндүрүштүк зарылчылык боюнча жумуштардын айрым түрлөрүнүн көлөмүнө өзгөртүү киргизүү укугуна ээ болгон учурда;

4) Сатып алуучунун талабы боюнча Подрядчы Сатып алуучуга жумуштардын өзгөртүлгөн көлөмүнүн наркын деталдуу түрдө жумуштардын түрлөрү жана чыгаша материалдарынын наркы боюнча баалоону көрсөтүү менен берет. Сатып алуучу баалоону жана чыгаша материалдарынын наркын Подрядчы тарабынан алардын конкурстук

сунуштарда көрсөтүлгөн Жумуштардын көлөмүнүн ведомосту менен салыштыруу аркылуу баалайт.

Эгер баалоону жана чыгаша материалдарынын наркын салыштырууда Жумуштардын көлөмүнүн ведомостундагы баалоого жана чыгаша материалдарынын наркына шайкеш болгон учурда Техкөзөмөл Подрядчыга жумуштардын же жумуштардын түрлөрүнүн өзгөртүлгөн көлөмүн аткарууга “наряд-заказ” берет.

Эгер өзгөртүлгөн көлөмгө баалоо жана чыгаша материалдарынын наркы Жумуштардын көлөмүнүн ведомостунда болбосо, Сатып алуучу Техкөзөмөлгө жумуштардын өзгөртүлгөн көлөмүнө же жумуштардын айрым түрлөрүнө смета даярдоого көрсөтмө берет, Подрядчыга жумуштардын өзгөртүлгөн көлөмүн же жумуштарды киргизүүнү аткаруу боюнча “наряд-заказ” түрүндө берет.

“Наряд-заказ” өзүнө: жумуштардын аталышын, алардын көлөмүн, жумуштардын бирдиктеринин санын, наркын, чыгаша материалдарынын наркын жана жалпы наркты камтыйт. “Наряд-заказдын” наркы Келишимдин наркына Кошумча макулдашуу түрүндө кошулат жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат, аны аткаруу Келишимдин шарттары менен жөнгө салынат.

Подрядчынын эгер Подрядчынын күнөөсү боюнча кошумча жумуштар пайда болгон учурда зыяндын ордун толтуруу катары кошумча акы төлөө укугу жок.

20. Берүүчү/Подрядчынын Келишимди аткарууну кечиктирүүсү:

1) Келишим Берүүчү/Подрядчы тарабынан бул Келишимдин 11-пунктунда каралган графикке ылайык аткарылат;

2) Эгер Келишимди аткаруу мезгилинде Берүүчү/Подрядчы келишимди өз убагында аткарууга тоскоол болгон шарттарга жолукса Берүүчү/Подрядчы Сатып алуучуга кечиктирүү фактылары, болжолдонгон убакыт жана себеп (себептер) жөнүндө жазуу жүзүндө кечиктирбестен маалымдоого тийиш. Берүүчү/Подрядчынын билдирүүсүн алгандан кийин Сатып алуучу мүмкүн болушунча тез аралыкта абалды баалоого жана айып пулду төлөө же төлөбөстөн Берүүчү/Подрядчы тарабынан Келишимди аткаруу мөөнөтүн узартууга тийиш; мындай учурда узартуу бул Келишимдин 19-пунктуна ылайык Келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүү аркылуу тараптар менен макулдашылууга тийиш;

3) Бул Келишимдин 23-пунктунда баяндалган учурлардан тышкарыда эгер тараптар бул Келишимдин 20-пунктунун 2-пунктчасына ылайык айып пулду төлөбөстөн мөөнөттөрдү узартуу жөнүндө келишимге келбесе Берүүчү\Подрядчы тарабынан өз милдеттенмелерин аткаруунун кечиктирилиши ага үстөк акыны төлөө жоопкерчилигин жүктөйт.

21. Айып пул:

1) Аяктоонун сунушталган мөөнөтүнө карата келишимди аткаруу аяктоо мөөнөтү бузулган учурда Берүүчү/Подрядчы Сатып алуучуга келишимди аяктоонун болжолдолгон мөөнөтүнө карата жумуштарды иш жүзүндө аяктаган датадан баштап ар бир кечиккен күн үчүн Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн айып пулду төлөйт. Айып пулдун жалпы суммасы Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн 0,1%дан кем эмес сумманы ашпоого тийиш. Сатып алуучу Подрядчыга эсептелген суммадан айып пулду эсептеши мүмкүн. Айып пул төлөө Подрядчынын милдеттенмесине таасирин тийгизбейт.

Бул пунктка ылайык төлөнүүчү айып пулдун жалпы суммасы Келишимдин баасынан он (10) пайыздан ашпоого тийиш. Бул чекке жеткенден кийин Сатып алуучу бул Келишимдин 22-пунктуна ылайык келишимди бузууга укуктуу;

2) Эгер Сатып алуучу Берүүчү/Подрядчыга эсептелген кандайдыр бир төлөмдү бул Келишимде каралган мөөнөттө аткарбаса, Сатып алуучу мөөнөтүнөн кечиккен төлөмдүн суммасынан кечиккен ар бир күн үчүн айып пул катары 0.1% (нөл бир пайыз) төлөйт. Бул пунктка ылайык төлөнүүчү айып пулдун жалпы суммасы Келишимдин баасынан он (10) пайыздан ашпоого тийиш;

3) 21-пункттун 1 жана 2-пунктчаларына ылайык айып пулду төлөө тараптарды Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткаруудан бошотпойт.

22. Келишимди бузуу:

1) Эгер Берүүчү/Подрядчы Келишим боюнча өзүнүн кандайдыр бир милдеттенмелерин аткарбаса, анда Келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн башка санцияларга зыян келтирбестен Сатып алуучу Берүүчү/Подрядчыга жазуу жүзүндө билдирүүнү жиберүү менен бул Келишимди толугу же жарым-жартылай бузууга укуктуу. Келишим Берүүчү/Подрядчы Сатып алуучунун келишимди бузуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүсүн алгандан кийин он төрт (14) күн өткөндөн кийин бузулду деп эсептелет. Ошол эле учурда Сатып алуучу үчүнчү жактардан ыйгайлуу шарттарда мындай берилбеген товарларды, коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга укуктуу жана Берүүчү/Подрядчы Сатып алуучунун мындай товарларды, жумуштарды же коштоочу кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга байланышкан бардык кошумча чыгымдарына жоопкерчилик тартат;

2) Сатып алуучу эгер Берүүчү/Подрядчы банкрот деп жарыяланса же төлөөгө жөндөмсүз абалга келсе, тийиштүү жазуу жүзүндөгү билдирүүнү жиберүү менен келишимди бузууга укуктуу. Мындай учурда бузуу зыянга алып келбеген же даттанууга же Сатып алуучу тарабынан алынган же кийин алынуучу санкцияларды колдонууга кандайдыр бир укуктарды козгобогон шартта Берүүчү/Подрядчыга компенсация төлөбөстөн бузулат;

3) Сатып алуучу Берүүчү/Подрядчыга тийиштүү жазуу жүзүндөгү билдирүүнү жиберүү менен келишим максатка ылайыксыз болгон учурда аны толугу же жарым-жартылай бузууга укуктуу. Билдирүүдө келишимди бузуунун себептери көрсөтүлүүгө, Берүүчү/Подрядчынын жокко чыгарылган келишимдик милдеттенмелеринин көлөмү, ошондой эле бузуу күчүнө кирүүчү дата белгиленүүгө тийиш. Бузуу жөнүндө билдирүүдөн кийин отуз (30) күндүн ичинде берилген товарлар, жумуштар же кызмат көрсөтүүлөр бул пунктка жана Келишимдин шарттарына ылайык Сатып алуучу тарабынан кабыл алынууга жана төлөнүүгө тийиш;

4) Келишим жарым-жартылай бузулган учурда Берүүчү/Подрядчы Келишимдин бузулбаган бөлүгүн аткарууну улантууга тийиш;

5) Эгер Келишим бузулса Подрядчы жумушту тез токтотот, участокту сактоону жана коопсуздугун камсыздайт жана мүмкүн болушунча оперативдүү түрдө участоктон чыгат;

6) Эгер Келишим Подрядчы тарабынан келишимди принципиалдуу бузуу себеби боюнча бузулса, Сатып алуучу Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөндөй аяктабаган жумуштардын пайызын кармап калуу менен аткарылган жумуштардын актысын күбөлөндүрүү датасына карата абал боюнча алынган авансттык төлөмдү кармап калуу менен аткарылган жумуштардын жана заказ берилген материалдардын күбөлөндүрүлгөн актысын берет. Эгер Сатып алуучуга тийиштүү жалпы сумма  Подрядчыга тийиштүү суммадан ашса, айырма Подрядчынын Сатып алуучуга карыз болгондугун билдирет;

7) Эгер Келишим Сатып алуучу тарабынан же Сатып алуучунун Келишимди принципиалдуу түрдө бузуусунан улам бузулса, Сатып алуучу аткарылган жумуштардын, заказ берилген материалдардын, жабдууларды чыгаруу, Подрядчынын объекттерди аткаруу үчүн гана жалданган кызматкерлерин чыгаруу чыгымдарынын жана  объекттерди коргоо жана консервациялоо наркынын актысын аткарылган жумуштарды аяктоо датасына карата алынган авансттык төлөмдү кармап калуу менен күбөлөндүрөт;

8) Келишим 22-пункттун 3-пунктчасында көрсөтүлгөн кырдаалда бузулса Подрядчыга акы Жумуштардын жана материалдардын көлөмдөрүнүн ведомостуна ылайык бузуу күнүнө карата иш жүзүндөгү чыгымдары үчүн гана төлөнөт.

Эгер келишим 22-пункттун 6-пунктчасында көрсөтүлгөн шартта бузулса, тараптар тарабынан келтирилген чыгымдардын ордун толтуруу Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине ылайык жүргүзүлөт.

23. Келишимди аткарууда форс-мажор:

1) Эгер Келишимди аткарууну кечиктирүү же Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбоо форс-мажордук кырдаалдын натыйжасынан улам болсо, Берүүчү/Подрядчы өзүнүн Келишимди аткаруунун кепилдиктүү камсыз кылуусунан ажырабайт жана анын

шарттарын аткарбагандыктан айып пул төлөө үчүн же Келишимди бузуу үчүн жоопкерчилик тартпайт;

2) Бул пункттун максаты үчүн “форс-мажор” Берүүчү/Подрядчынын шалаакылыгына же туура эмес эсептөөлөрүнө байланышпаган жана күтүлбөгөн мүнөзгө ээ болгон, Берүүчү/Подрядчы тараптан контролдоого мүмкүн болбогон окуяны билдирет. Мындай окуялар согуш же революция, өрт, суу ташкындары, эпидемиялар, карантиндер жана товарларды жеткирип берүүгө эмбарго сыяктуу аракеттерди камтыйт, бирок алар менен чектелбейт;

3)Форс-мажордук кырдаал келип чыкканда Берүүчү/Подрядчы Сатып алуучуга мындай кырдаалдар жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүнү токтоосуз жиберүүгө тийиш;

4) Сатып алуучу эгер форс-мажордук кырдаал пайда болсо же төмөнкү учурларда келишимди аткарууну аяктоонун болжолдонгон мөөнөтүн узарта алат:

1) Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн участокту берүү датасына карата Сатып алуучу тарабынан участоктун бөлүгүнө кирүү мүмкүнчүлүгү берилбегенде;

2) Сатып алуучунун буйругу боюнча жумуштарды өз убагында аткаруу үчүн зарыл болгон долбоордук документтерди, чиймелерди, спецификацияларды же нускамаларды кечиктирсе же Сатып алуучу тарабынан берилбегенде;

3) Подрядчы тарабынан Сатып алуучунун буйругу боюнча жумуштардын сапатын аныктоо үчүн кошумча сыноолорду жүргүзүү;

4) Сатып алуучунун субподряд келишимин түзүүгө тыюу салуусу;

5) күтүлбөгөн проблемаларды чечүү же кошумча жумуштарды аткаруу же форс-мажордук кырдаалга байланышкан башка себептер боюнча;

6) башка органдар, коммуналдык кызматтар Келишимде каралган мөөнөттө жетишпесе, бул кечигүүгө же Подрядчынын кошумча чыгымдарына алып келгенде;

7) авансытык төлөмдү кечиктирүү (эгер каралса);

5) 23-пункттун 3-пунктчасында каралган учурларда жана Сатып алуучу жумуштарды аяктоонун болжолдонгон мөөнөтүн 10 күндүн ичинде узартуунун зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алууга тийиш.

24. Талаш-тартыштарды жөнгө салуу:

1) Эгер Сатып алуучу менен Берүүчү/Подрядчынын ортосунда кандайдыр бир талаш-тартыш же келишимге байланышкан кайчы пикирлер пайда болсо, тараптар бул талаш-тартышты же кайчы пикирлерди өз ара консультациялар аркылуу чечүүгө бардык күч-аракетин жумшоого тийиш;

2) Эгерде жыйырма бир (21) күндүн ичинде талаптар өз талаш-тартыштарын же кайчы пикирлерин өз ара консультациялар аркылуу

чече албаса, анда тараптарын бири башка тарапка “Келишимдин өзгөчө шарттарында” көрсөтүлгөндөй третей сотунда же жалпы юрисдикция сотунда териштирүүлөрдү баштоо ниети жөнүндө билдирүүнү жибере алат;

3) Соттук териштирүүлөргө карабастан тараптар эгер башка белгиленбесе Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарууга тийиш.

25. Колдонулган укук:

1) Келишимге карата Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин ченемдери колдонулат.

26. Билдирүү:

1) Бир тарап экинчи тарапка Келишимге ылайык жиберген ар кандай билдирүү жазуу жүзүндө таризделүүгө жана “Келишимдин өзгөчө шарттарында” көрсөтүлгөн башка тараптын дареги боюнча почта, факс, электрондук почта аркылуу жиберилүүгө тийиш;

2) Билдирүү аны башка тарап алгандан кийин токтоосуз түрдө күчүнө кирет.

27 Аткарылган жумуштардын актысы:

1) Жумуштардын ар бир этабын же жумуштардын акыркы натыйжасын кабыл алуу Жумуштардын көлөмүнүн ведомостуна ылайык түзүлгөн аткарылган жумуштардын актысына тараптардын кол коюусу менен тастыкталат. Техкөзөмөл Подрядчынын аткарган жумуштарынын актысын текшерүүгө тийиш жана Подрядчыга акы төлөөгө карата аларды бекитет. Аткарылган жумуштардын наркы Техкөзөмөл тарабынан аныкталууга тийиш жана Жумуштардын көлөмүнүн ведомостуна ылайык жумуштардын аталышына, баа коюулардын, баалардын жана чыгаша материалдарынын наркына ылайык жумуштардын бардык иш жүзүндө аткарылган көлөмдөрүнүн наркын өзүнө камтыйт;

2) Аткарылган жумуштардын наркы наряд-заказ түрүндө кошумча жумуштардын наркын да өзүнө камтууга тийиш. Техкөзөмөл документтерди алган күндөн тартып Келишимдин өзгөчө шарттарынын 27-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн мөөнөттө Сатып алуучунун түзүлгөн комиссиясы менен бирге аткарылган жумуштарды карап чыгууга жана кабыл алууга, жумуштарды кабыл алуу актысына кол коюуга жана 1 (бир) нускасын Подрядчыга берүүгө же жумуштарды кабыл алуудан мотивацияланган баш тартууну жиберүүгө тийиш. Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганда Сатып алуучунун мотивацияланган баш тартуусу жок болгондо, жумуштар Сатып алуучу тарабынан кабыл алынды деп эсептелет жана Подрядчы түзгөн бир тараптуу актынын негизинде акы төлөнүүгө тийиш;

3) Сатып алуучу жумуштарды кабыл алуудан баш тарткан учурда тараптар тарабынан Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде зарыл болгон толуктап иштеп чыгуулардын тизмеси жана аларды аткаруунун мөөнөттөрү менен эки тараптуу акт түзүлөт.

Жумуштарды текшерүүсүз кабыл алган Сатып алуучу аларды жөнөкөй кабыл алууда белгилөөгө мүмкүн болгон (олуттуу кемчилик) аткарылган жумуштардын кемчиликтерине шылтоо укугунан ажыратылат;

4) Эгер Сатып алуучу жумуштарды кабыл алуу актысына кол коюлгандан кийин Келишимдин шарттарынан четтөө же кабыл алуунун жөнөкөй ыкмасы менен белгилениши мүмкүн болбогон башка кемчиликтерди (көмүскө кемчиликтер), анын ичинде подрядчы тарабынан жашырылган кемчиликтерди тапса, алар табылган күндөн тартып бир жумуш күндүн ичинде Келишимдин өзгөчө шарттарында белгиленген мөөнөттүн ичинде Подрядчыга билдирүүгө милдеттүү. Подрядчы мындай кемчиликтерди Келишимдин өзгөчө шарттарында көрсөтүлгөн мөөнөттө жоюуга тийиш.

27. Подрядчынын тобокелчиликтери:

1) Берүүчү/Подрядчы жумуштар башталган датадан тартып аяктаган датага чейин же Сатып алуучунун мүлкүнө, менчигине жана жумушчулардын саламаттыгына зыян келтирүүгө, ошондой эле кызматкерлердин Келишим боюнча жумуштарды аткарууга байланышкан өлүмүнө байланышкан дефекттерди толук жойгонго чейинки мезгилдеги бардык тобокелчиликтер үчүн жоопкерчилик тартат. Подрядчы объекттеги бардык жумуштардын өндүрүшүнүн техникалык коопсуздугуна толугу менен жооп берет;

2) Подрядчы объекттеги бардык жумуштардын техникалык коопсуздугуна камсыздоого толугу менен жоопкерчилик тартат.

4-тиркеме

## 4-ГЛАВА. Келишимдин өзгөчө шарттары (КӨШ)

## Келишимдин өзгөчө шарттары (КӨШ)

Төмөндөгү «Келишимдин өзгөчө шарттары» (КӨШ) «Келишимдин жалпы шарттарын» (КЖШ) толуктайт. Карама-каршылык болгон учурда, КӨШ артыкчылыкка ээ болот.

| **КӨШ пункту** | ***Келишимдин өзгөчө шарттары*** |
|---|---|

| нун № | |
|---|---|
| **1.** | **Аныктама** |
| 1.1 | Сатып алуучу: _________ *[аталышын көрсөткүлө]*<br><br>Дареги: _________ *[почталык дарегин көрсөткүлө]* |
| 1.1 | Берүүчү\Подрядчы: _________ *[аталышын көрсөткүлө]*<br><br>Дареги: _________ *[почталык дарегин көрсөткүлө]*<br><br>Телефон: _________ *[шаардын кодун жана номерин көрсөткүлө]*<br><br>Электрондук почта: _________ *[сатып алуучунун өкүлүнүн e-mail көрсөткүлө]*<br><br>Берүүчү\Подрядчынын өкүлү: _________ *[аты-жөнүн жана кызмат ордун көрсөткүлө]* |
| 1.1 | Берүүнүн же жумуш аткаруунун, же кызмат көрсөтүүнүн орду: ____________ *[даректи көрсөткүлө]* |
| **4.** | **Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоо** |
| 4.1 | Келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоо формасы: ______ *[көрсөткүлө: «Конкурстук документацияда берилген формага ылайык, келишимди аткаруунун банктык кепилдиги, же башка мүмкүн болгон кепилдик формасы]*<br><br>Келишимдин баасынын пайыздар менен берилген, келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоо суммасы:__________ (пайызды көрсөткүлө, бирок келишимдин наркынын он (10) пайызынан жогору болбоого тийиш) |
| 4.3. | Товарларды, жумушту жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткиргенден жана кабыл алгандан кийин келишимди аткарууну кепилдиктүү камсыздоо суммасы Келишимди аткаруунун кепилдиктүү |

| | |
|---|---|
| | камсыздоонун баасынан ____ пайызына чейин **[*% көрсөткүлө, адатта 80 % чегинде*]** азайуусу мүмкүн, калганы<br>________ [*% көрсөткүлө,]* КЖШ 14-пунктуна ылайык, берүүчү/подрядчынын кепилдиктүү милдеттенмелеринин иштөө мезгилине. |
| **9.** | **Техникалык шарттар жана стандарттар, контроль жана сыноо** |
| 9.2. | Товардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн «Техникалык талаптарга» ылайык келишин тастыктоо үчүн, текшерүүлөрдүн жана сыноонун төмөнкү жол-жоболору колдонулат ____________________________________________<br>_________ *[текшерүүлөр жана сыноо үчүн колдонула турган жол-жоболорду сыпаттагыла жана ордун көрсөткүлө, же:* «Техникалык талаптардын» ____*пунктуна ылайык ] деп көрсөткүлө* |
| **10.** | **Таңгак** |
| 10.2. | Таңгак боюнча атайын талаптар: ____________________________________<br>*[таңгак боюнча атайын талаптарды көрсөткүлө, же техникалык талаптардын тийиштүү пунктуна шилтеме бергиле:* «Техникалык талаптардын» ____*пунктуна ылайык, же: «атайын талаптар белгиленген эмес»]деп көрсөткүлө* |
| **11.** | **Жеткирип берүү жана документация** |
| 11.1. | Көлөм, мөөнөт жана жеткирип берүүгө башка талаптар: *«Сатып алынуучу товардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жана коштомо кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси» 3-тиркеме жана «Техникалык талаптар» 4-тиркемеге ылайык*.<br>*[зарыл болгон учурда кошумча талаптарды көрсөткүлө]* |
| 11.2. | Жеткирип берүүнүн келишимин аткаргандан кийин 3 күндөн кеч эмес, берүүчү/Подрядчы сатып алуучуга төмөнкү документтерди берүүгө тийиш:<br>(1) берилген товардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сыпатталышын, санын, бирдик үчүн баасын жана жалпы суммасын көрсөтүү менен берүүчү\Подрядчынын эсеп-фактурасын;<br>(2) товарларды дайындалган акыркы пунктка чейин жеткирүүгө транспорттук коштомону ___ [эгерде сатып алуу предмети товар |

| | |
|---|---|
| | болсо];<br><br>(3) КЖШ 9-пунктуна ылайык берилген, товарларды, жумушту жана кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы;<br><br>(4) Кыргыз Республикасынын аймагында колдонуу үчүн, берилген товарларды каттоо жөнүндө күбөлүк (көчүрмөсү);<br><br>(5) Товардын өндүрүү сертификаты, (көчүрмөсү);<br><br>(6) берилген товарларга кепилдик сертификаттары;<br><br>*(7) ыйгарым укуктуу инспекциялык кызмат тарабынан берилген текшерүү жана/же сыноо өткөрүү жөнүндө күбөлүк, ошондой эле берүүчү/подрядчынын заводунда техникалык контролдоо жүргүзүү жөнүндө отчет (эгерде келишим менен алдын ала каралган болсо);*<br><br>*(8)* ____________________<br><br>*[сатылып алынуучу товарды, жумушту жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн талап кылынбаган документтерди алып салгыла, зарыл болсо башка окшош документтерди кошкула]*<br><br>*Кызмат көрсөтүүлөрдү бергенден үч (3) күндөн кеч эмес берүүчү\Подрядчы сатып алуучуга төмөнкү документтерди берүүгө тийиш:*<br>*(1)* берилгендердин сыпатталышын, санын, бирдик үчүн баасын жана жалпы суммасын көрсөтүү менен берүүчү\Подрядчынын эсеп-фактурасын;<br><br>*(2) КЖШ* 9-пунктуна ылайык *берилген коштомо кызмат көрсөтүүлөрдү кабыл алуу актысын.*<br><br>*Жумуштун келишимин аткаргандан кийин үч күндөн кеч эмес, Подрядчы Заказчыга төмөнкү документтерди берүүгө тийиш:*<br><br>*(1) Жумушту аткарууга эсеп-фактураны;*<br>*(2) Техкөзөмөл тарабынан кол коюлган кабыл алуу актысы.* |

| | |
|---|---|
| | *[ үч варианттын бирин тандагыла, калганын өчүрүп салгыла ]*<br><br>Эгерде башкасы айтылбаган болсо, жогоруда эскертилген документтердин түп нускасы берилиши керек. |
| **12.** | **Товарды жеткирип берүүдөгү камсыздандыруу** |
| 12.1. | Камсыздандыруу өлчөмү: келишим боюнча берилүүчү *товарлардын толук наркы*.<br><br>*[зарыл болгондо башка талаптарды көрсөткүлө]* |
| **13.** | **Коштомо кызмат көрсөтүүлөр** |
| 13.1. | Төмөнкү коштомо кызмат көрсөтүүлөр берилиши керек:*«Сатып алынуучу товарлардын жана коштомо кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси» 3-тиркемеге жана «Техникалык талаптар» 4-тиркемеге ылайык.*<br><br>*[зарыл болгон учурда кошумча кызмат көрсөтүүлөрдү жана кызмат көрсөтүүлөргө толук талаптарды көрсөткүлө. Эгерде коштомо кызмат көрсөтүүлөр талап кылынбаса, – «талап кылынбайт» деп алмаштыргыла]* |
| **14.** | **Кепилдик** |
| 14.2. | *Доомат берүү үчүн мезгил: Келишимдин жалпы шарттарында көрсөтүлгөндөй.*<br><br>*[зарыл болгон учурда, башка талаптарды көрсөткүлө, мисалы «жеткирип берүү жана кабыл алуу датасынан, же кызмат көрсөтүүлөрдү берген же ишти өткөрүп берген учурдан баштап___ айдан кем эмес»]* |
| 14.3. | дефекттүү товарларды, жумушту же кызмат көрсөтүүлөрдү алмаштыруу же оңдоо мөөнөтү: *Келишимдин жалпы шарттарында көрсөтүлгөндөй.*<br><br>*[зарыл болгондо, башка талаптарды көрсөткүлө, мисалы «билдирменин датасынан баштап ___ күндөн көп эмес»]* |
| **17.** | **Баалар жана төлөмдөр** |
| 17.2. | Берүүчү/подрядчынын төлөмдөрдү ишке ашыруу ыкмасы, шарттары |

| | |
|---|---|
| | жана мөөнөтү:<br><br>***(а) <u>Аванстык төлөм</u>: ___________ пайыз Келишимдин баасы келишимге кол коюлгандан кийин жана КЖШ 17-пунктунун талаптарын канааттандыруучу жана конкурстук документацияда келтирилген форма боюнча түзүлгөн эквиваленттүү суммага банктык кепилдикти берүүдөн кийин __________ күндүн ичинде төлөнөт;***<br>жана\же<br><br>*(б) аткарылган жумуштун актысы боюнча төлөм, техкөзөмөл тарабынан күбөлөндүрүлгөн төлөөгө эсепти берген датадан кийин _________ күндүн ичинде төлөнөт.*<br><br>*[төлөмдөрдү аткаруунун % жана мөөнөтүн көрсөткүлө .*<br><br>*эскертүү: аванс жана төлөмдөр кабыл алуудан кийин суммасы боюнча келишимдин баасынын 100% тең келиши керек,мисалы : 20% аванс +80% кабыл алуудан кийин = 100%]* |
| 17.4 | Төлөмдүн валютасы: *“Келишимдин жалпы шарттарында” көрсөтүлгөндөй.*<br><br>*[зарыл болгон учурда, башка шарттарды көрсөткүлө (эскертүү: колдонуудагы мыйзамдарды эске алуу менен!)]* |
| **22** | **Бузуу** |
| | Келишимди бузуу төмөнкүдөй учурларда ишке ашырылат:<br><br>а) подрядчы жумушту _____________күнгө токтотот, муну менен катар, жумушту токтотуу жумуштун өндүрүшүнүн учурдагы графиги менен алдын ала каралган эмес жана техкөзөмөл тарабынан санкциялаштырылбаган эмес болсо;<br><br>б) Сатып алуучу Подрядчыга жумуштун жүрүшүн кечеңдетүүнү буйрат жана бул буйрук ___________ күн ичинде алынып салынбаса;<br><br>в) кайра түзүү же бириктирүүнү кошпогондо, Сатып алуучу же Подрядчы банкрот болсо, же жоюуга туш болсо;<br><br>г) Сатып алуучу Подрядчыга төлөөгө эсеп берилген датадан баштап ____ күн аралыгында техкөзөмөл тарабынан тастыкталган сумманы |

| | |
|---|---|
| | төлөбөсө;<br><br>д) Сатып алуучу, конкреттүү кемчиликти жойбоо келишимдин шарттарын принципиалдуу бузууга кирерин билдиргенде жана эскерткенде, Подрядчы, техкөзөмөл тарабынан белгиленген мүмкүн болгон мезгил ичинде кемчиликти жойбосо;<br><br>е) Подрядчы жумушту бүткөрүүнү айып төлөмдүн мүмкүн болгон максималдуу суммасына ылайык келген __________күнгө кечиктирсе;<br><br>ж) эгерде Подрядчы конкурстук тандап алуу же келишимди аткаруу процессинде, мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген соттун чечимине ылайык, коррупцияга же алдамчылыкка аралашкан болсо;<br><br>з) Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, белгиленген мыйзам менен күчүнө кирген эл аралык келишимдерде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын түзүмдүк бөлүгү болуп эсептелген эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери жана ченемдеринде каралган башка учурларда. |
| | |
| **24.** | **Талаш-тартыштарды жөнгө салуу** |
| 24.2. | Бул келишимге байланыштуу же келишимден келип чыккан талаш-тартыштар төмөнкүдөй чечилет:<br><br>*[көрсөткүлө: «Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасына караштуу эл аралык Третейдик сот (СӨП ЭТС), СӨП ЭТС учурдагы регламентине ылайык үч арбитр тарабынан чечилет. третейдик сотто колдонулуучу тил –орус тили,өткөрүү орду – Бишкек, Кыргыз Республикасы.»*<br><br>*же*<br><br>*«Кыргыз Республикасынын жалпы юридиксиясынын сотунда» чечилет.*<br><br>*Эскертүү: варианттардын бирин тандап алуу керек, чет өлкөлүк берүүчү/подрядчылар катышкан конкурс үчүн Третейдик сот жогору бааланат]* |

5-тиркеме

# 5- ГЛАВА. САТЫП АЛЫНУУЧУ ТОВАРЛАРДЫН, ЖУМУШТУН, КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН , ЖАНА КОШТОМО КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН ТИЗМЕСИ

## 5.1. Товарлардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүнүн көлөмү жана мөөнөтү

<table>
<tr><th>Позиция №</th><th>Товардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүнүн аталышы (кыскача сыпатталышы)</th><th>Өлчөө бирдиги</th><th>Саны</th><th>Берүү мөөнөтү</th><th>Талап кылынган дайындоо пункту (жеткирүү)</th></tr>
<tr><td>1</td><td>2</td><td>3</td><td>4</td><td>5</td><td>6</td></tr>
<tr><td>1.</td><td></td><td></td><td></td><td rowspan="4">Кол койгондон баштап жана келишим күчүнө киргенден баштап,ошондой эле аванс төлөөдөн баштап (эгерде алдын ала каралган болсо<br>___________<br>күн</td><td></td></tr>
<tr><td>2.</td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>3.</td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>…</td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>

**5.2. Коштомо кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу көлөмү жана мөөнөтү**

| Позиция № | Коштомо кызмат көрсөтүүлөрдүн аталышы ( Кыскача сыпатталышы) | Өлчөө бирдиги | Саны | Аткаруу мөөнөтү | Кызмат көрсөтүү орду |
|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** |
| 1. | | | | товарды, жумушту жана кызмат көрсөтүүнү берүүдөн баштап ___________ күн | |
| 2. | | | | | |
| 3. | | | | | |
| … | | | | | |

6-тиркеме

# 6-ГЛАВА. ТЕХНИКАЛЫК ТАЛАПТАР

## А. Жалпы талаптар

*[Эскертүү: бардык сатып алынуучу аталыштарга колдонулуучу жалпы талаптар (сапаттын колдонулуучу стандарттары, сапатты контролдоо жол-жоболору, электрбулагы, колдонуу боюнча нускама, жашиктерди маркировкалоо ж.б.–сатып алуучу тарабынан толтурулат!]*

## Б. Өзгөчө талаптар

| Позиция № | Товардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүнүн аталышы (кыскача сыпатталышы | Техникалык талаптар жана стандарттар | Конкурстун катышуучусу тарабынан сунушталган техникалык параметрлер жана стандарттар | Ылайык келүүсү жөнүндө белги |
|---|---|---|---|---|
| 1. | *[Конкурстук документацияны иштеп чыгууда сатып алуучу тарабынан толтурулат]* | *[Конкурстук документацияны иштеп чыгууда сатып алуучу тарабынан толтурулат]* | *[Конкурстук табыштаманы даярдоодо конкурстун катышуучусу тарабынан толтурулат]* | *[Конкурстук табыштаманы даярдоодо конкурстун катышуучусу тарабынан толтурулат]* |
| | | | | |

7-тиркеме

## 7- ГЛАВА. СТАНДАРТТЫК ФОРМАЛАР

Эскертүү:
- Бул конкурстук документацияда пайдаланылуучу стандарттык формалардын тизмеси, ККӨНдин 5-пунктунда келтирилген.
- Курсив менен белгиленген, чарчы кашаадагы нускамалар (мисал: *[нускама]*) форманы толтуруучу конкурстун катышуучулары үчүн багытталган жана документтин акыркы версиясында өчүрүп салынышы керек. Муну менен катар, чечмелөөлөрдүн альтернативдүү варианттары кашаага алынган (мисал: *[толтуруу боюнча нускама: «альтернативдүү чечмелөөнүн тексти]*)
- Эгерде чечмелөөнүн бир нече варианты сунушталса, катышуучу өзүнүн конкурстук табыштамасына ылайык келген чечмелөөнү тандап алып, калгандарын өчүрүп салышы керек.
- жогоруда айтылган өзгөчө учурлардан тышкары, стандарттык формалардын өзүнчө пункттарын өзгөртүп же өчүрүп салууга жол берилбейт.

№ 1стандарттык форма

**КОНКУРСТУК ТАБЫШТАМА**

Конкурстун аталышы: ___________ *[ККӨНдин 1.1 беренесинде көрсөтүлгөндөй конкурстун аталышын көрсөткүлө]*

Конкурстун номери: _____________*[ ККӨНдин 1.1 беренесинде көрсөтүлгөндөй конкурстун номерин көрсөткүлө]*

Кимге*:* _____ *[сатып алуучунун аталышын жана дарегин көрсөткүлө]*

1. Бардык толуктоолорду кошкондо, конкурстук документацияны окуп чыгып, биз______________төмөндө кол койгондор, ______________________ аткарууну сунуштайбыз *[сунушталган товарлардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн кыскача сыпатталышы]* Конкурстук документацияга толук ылайык келген суммага:

- Лот № _________ *[ККӨНдин 1.1 жана 11.3 пункттарына ылайык, лоттун номерин жана лоттун аталышын көрсөткүлө]* ______ суммага *[берүүчү\подрядчы лоттун баасын цифралар жана жазуу түрүндө көрсөтөт]* сом;
- Лот № _________ *[ККӨНдин 1.1 жана 11.3пункттарына ылайык, лоттун номерин жана лоттун аталышын көрсөткүлө]* ______ суммага

*[берүүчү\подрядчы лоттун баасын цифралар жана жазуу түрүндө көрсөтөт]* сом;

- Лот № _________ *[ККӨНдин 1.1 жана 11.3пункттарына ылайык, лоттун номерин жана лоттун аталышын көрсөткүлө]* ______ суммага *[берүүчү\подрядчы лоттун баасын цифралар жана жазуу түрүндө көрсөтөт]* сом;

………

БАРДЫГЫ: _______________*[берүүчү\подрядчы конкурстук табыштаманын жалпы суммасын цифралар жана жазуу түрүндө көрсөтөт]* сом.

*[Эскертүү: берүүчү\подрядчы конкурстук табыштаманы өзү кайсы лот боюнча берсе, ошол лоттор боюнча бааларды көрсөтөт. Эгерде конкурстук документация менен өзүнчө лоттор алдын ала каралган эмес болсо, конкурстук табыштаманын жалпы наркы гана көрсөтүлөт.]*

(мындан ары - «Конкурстук табыштаманын баасы»), же келишимдин жалпы жана өзгөчө шарттарына ылайык аныктала турган башка суммалар. Жогоруда аталган суммалар сунушталган "Баалардын таблицасына" ылайык келет, алар конкурстук табыштаманын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет жана ККНдин 11-пунктуна ылайык, бардык сарптоолорду, салыктарды, алымдарды жана жыйымдарды камтыйт.

2. Биз, сунушталган товар Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөндүгүн тастыктайбыз жана биз ички берүүчүлөр же ички подрядчылар болуп саналабыз. Курулушта жергиликтүү эмгек ресурстары пайдаланылат, кызматчылардын жалпы санынын ____ *% жана жергиликтүү* материалдардын ___________(% көрсөткүлө) *[эгерде башка мамлекетте катталган болсо, бул пункт толтурулбайт]*

3. Биз келишимдин шарттарын белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттенебиз.

*[Эскертүү: эгерде берүүчү/подрядчы берүүнү, "Сатып алынуучу товарлардын, жумуштун, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана коштомо кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесинде" талап кылынган мөөнөттөн эрте аткарууну сунуштаса, жогоруда келтирилген абзацты кийинкиге алмаштыргыла жана сунушталган мөөнөттү көрсөткүлө:*

*«Биз товарларды, жумушту жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү, келишимге кол коюлган жана күчүнө кирген күндөн баштап __________күн ичинде аткарууга, ошондой эле авансты төлөөгө (эгерде конкурстук документацияда алдын ала каралган болсо) жана товарларды, жумушту жана кызмат көрсөтүүлөрдү берген күндөн баштап __________ күн ичинде коштомо кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга милдеттенебиз.»]*

4. Биздин конкурстук табыштаманын мөөнөтү, ККНдин 20.1 пунктуна ылайык конкурстук табыштамаларды ачкандай кийин ________*күндү түзөт [ККӨНдин 13.1 пунктунда талап кылынган мөөнөттү көрсөткүлө]*. Конкурстук табыштама биз үчүн милдеттүү болуп

эсептелет жана көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганга чейин каалаган убакта сатып алуучу тарабынан кабыл алынса болот.

5. Биз, сатып алуулардын сатып алынуучу предметинин наркына, Кыргыз Республикасынын аймагында салынуучу бардык салыктар жана алымдар киргизилгенин тастыктайбыз.

Компания ___________________________________________

(компанияны көрсөткүлө)

Кыргыз Республикасынын ички подрядчылары болуп эсептелебиз, товарлар (материалдар ) Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн.

6. Өзүбүздүн ниетибизди тастыктоо үчүн биз "Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоону" ______ өлчөмдө жана формада беребиз *[өлчөмүн (валюта жана сумма) жана ККӨНдин 14.1 пунктуна ылайык кепилдиктүү камсыздоонун формасын көрсөткүлө]*. "Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоонун" иштөө мөөнөтү _____ күндү түзөт *[ККӨНдин 14.1 пунктуна ылайык иштөө мөөнөтүн көрсөткүлө]*.

*[Эскертүү: эгерде ККӨНдин 14.1 жана 14.5 пункттарына ылайык* "Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү камсыздоо" талап кылынбаса, анда *жогоруда келтирилген абзацты кийинкиге алмаштыргыла:*

*«Өзүбүздүн ниетибизди тастыктоо үчүн биз «Конкурстук табыштамага кепилдик берүүчү декларацияны» беребиз. «Конкурстук табыштамага кепилдик берүүчү декларациянын» иштөө мөөнөтү конкурстук табыштаманын иштөө мөөнөтүнө ылайык келет.*

7 Муну менен биз төмөнкүлөрдү тастыктайбыз:

1) ККНдин 2.1 пунктуна ылайык, конкурстун укуктуу катышуучусу болуп эсептелебиз;

2) ККНдин 2.2 пунктуна ылайык кызыкчылыктар кагылышына ээ эмеспиз;

3) жөнөкөй шериктиктин мүчөлөрүн кошкондо, "Ишенимдүү эмес жана ак ниеттүү эмес берүүчү/подрядчылардын маалымат базасында" эмеспиз".

8. Биз, КЖШ жана КӨШнын 4-пунктунун талаптарына ылайык, келишимди аткаруу кепилдигин берүүгө милдеттенебиз. *(эгерде конкурстук документация менен талап кылынса)*

9. Ушул конкурстук табыштаманы кабыл алган учурда, биз авансык төлөмдү _____________ өлчөмдө төлөп берүүнү өтүнөбүз *[авансык төлөмдүн суммасын, же КӨШ 17.2 пунктуна ылайык, келишимдин баасынын % көрсөткүлө]*. Өзүбүз тараптан, жогоруда аталган суммага, КЖШ 17.3 пунктуна ылайык, авансык төлөмдүн банктык кепилдигин берүүгө милдеттенебиз.

10. Конкурстук табыштаманын курамында төмөнкү документтер берилет:

1) «Конкурстук табыштаманын» ушул формасы;

2) толтурулган «баалардын таблицасы» же "жумуштун көлөмүнүн жана чыгашалык материалдардын ведомосту" толтурулган формасы;

3) Конкурстук табыштамага кол коюу укугуна ишеним кат *[эгерде Конкурстук табыштамага ишкананын жетекчиси кол койсо -анын ыйгарым укуктарын жана дайындалышын тастыктоочу документтерди санагыла жана тиркегиле]*;

4) тиркемелери менен толтурулган форма «квалификациясы жөнүндө маалымат»: *[ККНдин 3.3. пунктунда каралган документтерди кошкондо, тиркемелерди санагыла]*;

5) «Конкурстук табыштаманы кепилдиктүү кмсыздоо» *[эгерде кепилдиктүү камсыздоо талап кылынбаса,: «*Конкурстук табыштамага кепилдик берүүчү декларацияга*» алмаштыргыла]*;

6) толтурулган техникалык спецификацияларды жана сунушталган товарлардын, жумуштун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн жана коштомо кызмат көрсөтүүлөрдүн Конкурстук документациялардын талаптарына ылайык келишин тастыктоочу башка документтер:______ *[ККӨНдин 9.1 пункту менен талап кылынуучу документтерди кошкондо, техникалык сунуштарга кирүүчү документтерди санагыла]*;

7) «Келишимдин жалпы шарттары» (КЖШ) жана «Келишимдин өзгөчө шарттары» (КӨШ), конкурстун катышуучусу тарабынан ар бир барагына кол коюлушу керек;

8) Башка документтер: _______________ *[КӨШ 9.1. пункту менен талап кылынуучу документтерди кошкондо, башка документтерди көрсөткүлө]*.

